# Мен жана дүйнө

## Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 1-4-класстары үчүн предметтик стандарт

**Бишкек – 2022**

Жалпы билим берүү мектептеринин 1-4-класстары үчүн «Мен жана дүйнө» предметтик стандарты // иштеп чыккандар: Солошенко О.В., Дюшеева Н.К., Насырова А.Р. – Б.: 2021. – 38 б.
Рецензенттер: Марченко Л.Ю., Аршинова С.

Жалпы билим берүүчү мектептердин 1-4-класстары үчүн «Мен жана дүйнө» предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы № 393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын орто жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан.

Стандарт окуу пландарын, окуу китептерин/окуу-методикалык комплекстерди жана окуу куралдарын иштеп чыгуу үчүн негиз болуп кызмат кылат.

# МАЗМУНУ

**1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР** ........ 4
1.1. Предметтик стандарттын макамы жана түзүмү ........ 4
1.2. Негизги ченемдик документтер тутуму ........ 4
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер ........ 5
**2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ** ........ 7
2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери ........ 8
2.2. Предметтин түзүлүш методологиясы ........ 10
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр ........ 10
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүлүктөрдүн байланышы ........ 11
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын класстар жана мазмундук тилкелер боюнча бөлүштүрүү ........ 15
2.6. Предметтер аралык байланыштар жана өтмө тематикалык тилкелер ........ 20
**3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО** ........ 22
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлгөн окуп-үйрөнүү натыйжалары (баскычтар жана класстар боюнча) ........ 22
3.2. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары, методдору жана критерийлери ........ 24
**4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР** ........ 34
4.1. Окутуу методикасына негизги талаптар ........ 34
4.2. Ресурстук камсыздоого карата минималдуу талаптар ........ 34
4.3. Шыктандыруучу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү ........ 36

Адабияттар ........ 38

# 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. Предметтик стандарттын статусу жана түзүлүшү

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында "Мен жана дүйнө" предмети боюнча бул стандарт "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы № 393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан жана билим берүү мекемелеринде бул предметти окутуунун негизги багыттарын аныктайт.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 1-4-класстары үчүн «Мен жана дүйнө» предметтик стандарты – окуучулардын билим натыйжаларын, аларга жетишүүнүн жолдорун жана предметтин алкагында өлчөөнү жөнгө салуучу документ болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын мектептериндеги 1-4-класстар үчүн мектептик жалпы билим берүүнүн «Мен жана дүйнө» предметтик стандарты төмөнкүлөрдү белгилейт:

- 1-4-класстарда «Мен жана дүйнө» предметин окутуунун максаттары жана милдеттери;
− предметтик компетенттүүлүктөрдүн тизмеси;
− предмет боюнча билим берүүнүн натыйжалары;
− натыйжаларды баалоонун негизги принциптери жана ыкмалары;
− окутууга уюштуруучулук жана методикалык талаптар.

Бул предметтик стандартты окуу программаларын, окуу китептерин/окуу-методикалык комплекстерди жана окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгууда, ошондой эле башталгыч мектептин окуучуларынын жетишкендиктерин баалоодо жетекчиликке алуу керек.

## 1.2. Негизги ченемдик документтер тутуму

Бул стандарт төмөнкү ченемдик документтердин негизинде түзүлгөн:
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (2003-ж.).
- Кыргыз Республикасынын «Эркектер менен аялдардын бирдей укуктарынын жана бирдей мүмкүнчүлүктөрүнүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамы
- 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы.
-2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында Билим берүүнү өнүктүрүү программасы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №200 токтому)
- Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2021-2030-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясы.
- Жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты
- Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепция (2021-ж.)
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №295 Билим берүү уюмдарындагы билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жакшыртуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө токтому (2020-жылдын 17-январы № 12, 2021-жылдын 5-мартындагы № 72 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун редакциясында).
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин № 10-2/2161 «Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары үчүн коопсуз билим берүү чөйрөсүн коопсуз сатып алуулар жана каржылоо боюнча» колдонмону колдонуу жөнүндө нускама каты.

## 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Бул предметтик стандартта негизги түшүнүктөр жана терминдер төмөнкү мааниде колдонулат:

**Коопсуз билим берүү чөйрөсү** – бул окуучуларга зыяндуу же коркунучтуу факторлордун таасири жокко чыгарылган же алардын таасиринин деңгээли белгиленген стандарттардан ашпаган окутуу шарттарын камсыз кылган чөйрө.

- Физикалык коопсуздук коопсуз имараттарды, курулуштарды, инфраструктураны, коргоонуну, антитеррордук коргонууну билдирет.
- Экологиялык коопсуздук коопсуз тамак-аш, гигиена жана санитария, эмеректердин, жабдуулардын сапаты, үй ичиндеги климат, жарыктандыруу жана билим берүү уюмдарынын химиялык булгануу тобокелдиктерин жоюу маселелерин жөнгө салууну камтыйт.
- Психологиялык жана маалыматтык коопсуздук зомбулуктун ар кандай түрүнүн көрүнүштөрүн болтурбоо, жынысына, расасына, социалдык тегине, динине, ден соолугунун абалына жана башка факторлорго карабастан, инсандын өнүгүшүнө шарт түзгөн толеранттуу, достук чөйрөнү уюштурууну камтыйт. Ошондой эле зыяндуу маалыматтык таасирлерден коргоо.
- Маалыматтык коопсуздук инсандын негизги күчүн коргоону ишке ашыруудан конституциялык жана эркиндиктерин коргоо аракетинен, физикалык абалды жөнгө салуудан, жашоого жана интеллектуалдык өнүктүрүүгө, адамдын психикасына жана социомаданий өнүгүүсүнө каршы күрөштөн, ар кандай күчтөрдү коргоого жардам берүүдөн, коомдук маалыматтык чөйрөсүн коргоодон турат.

**Баалоо** – бул алынган билим берүү натыйжаларынын пландаштырылган натыйжаларга ылайык келүүсүн аныктоо үчүн окуучулардын когнитивдик (таанып-билүү), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турумдук ишмердүүлүгүнө, мугалимдин, класстын, мектептин ишине мониторинг жүргүзүүнүн, ошондой эле билим сапатын жогорулатуу максатында маалыматты чогултуунун, каттоонун жана чечмелөөнүн системалуу процесси;

**Баа** – окуучуларда Мамлекеттик жана предметтик стандарттарда бекитилген компетенттүүлүктөрдүн калыптануу даражасын сапаттуу аныктоо;

**Баалоо критерийи** – бул анын негизинде кандайдыр бир нерсени баалоо, аныктоо же классификациялоо жүргүзүлгөн белги, талкуу предметинин так иштелип чыккан мүнөздөмөлөрү;

**Билим берүүдөгү инклюзия** – мектеп маданиятын, саясатын жана практикасын айрым окуучулардын ар кандай муктаждыктарын канааттандыруу үчүн өзгөртүү зарылдыгын таануу жана бул мүмкүнчүлүккө тоскоолдуктарды жоюу милдеттенмеси.

**Гендер** – адамдын коомдогу жүрүм-турумун жана бул жүрүм-турумдун кандай кабыл алынаарын аныктоочу социалдык жыныс;

**Гендердик тарбия** – аялдардын, эркектердин социалдык жүрүм-турумун жана турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндөгү мамилелерин аныктоочу маданий мүнөздөмөлөрдүн жыйындысын калыптандыруу максатында балага таасир этүүнүн комплекстүү процесси;

**Гендердик стереотиптер -** ушул коом үчүн ушул мезгилде туруктуу болгон эркектер менен аялдардын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндөгү түшүнүктөр.

**Гендердик дискриминация –** бул жыныстык белгиси боюнча басмырлоо.

**Глобалдык жарандуулук** - бул дүйнөлүк масштабда глобалдуу ой жүгүрткөн жеке адамдардын жана коомчулуктардын социалдык, саясий, экологиялык жана экономикалык аракеттери; бул – биз дүйнөнүн бир бөлүгү экенибизди жана ар бирибиз дүйнөнү жакшы жакка өзгөртүүгө жөндөмдүү экенибизди түшүнүү;

**Глобалдык компетенттүүлүк** – бул төмөнкү глобалдык компетенттүүлүктөрдү камтыган көп өлчөмдүү жөндөм: глобалдык жана маданияттар аралык маселелерди изилдөө, ар кандай дүйнө таанымдарды жана көз караштарды түшүнүү жана баалоо, башкалар менен ийгиликтүү

жана сый мамиледе болуу, жамааттык бакубаттуулук жана туруктуу өнүгүү үчүн аракеттерди көрүү жөндөмдүүлүгү;

**Дискриминация** – расасына, өңүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка көз карашына, улуттук же социалдык тегине, мүлкүнө, туулгандыгына же башка жагдайга негизделген жана бардык укуктарды жана эркиндиктерди бардык жактар тарабынан, бирдей негизде таануу, колдонуу жана жүзөгө ашырууну жок кылуу же маанисин кемитүү максатын же натыйжасын көздөгөн айырмалоо, четтетүү, чектөө же артыкчылык берүү.

**Жашыл көндүмдөр** (Green skills) - бул жашоо үчүн зарыл болгон ресурстарды туруктуу натыйжалуу колдонгон коомду өнүктүрүүнү колдогон билимдер, баалуулуктар жана мамилелер, курчап турган дүйнөнү экологиялык, энергияны үнөмдөөчү жана коопсуз кылуу үчүн колдонуу.

**Жумшак көндүмдөр, ийкемдүү көндүмдөр** (Soft skills) – жамааттык ишти уюштуруу, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана башкалар менен макулдашууга жетүү жөндөмүн, креативдүүлүктү, окууга жана өзгөрүүлөргө ыңгайлашуу жөндөмүн камтыган көндүмдөрдүн кеңири спектри;

**Инклюзивдик мамиле –** социалдык жана физикалык чөйрөнү бардыгы үчүн жагымдуу жана жеткиликтүү болгудай кылып өзгөртүү.

**Интеграция** – адам, коом жана жаратылыш жөнүндөгү билимдерди бириктирүү жана байланыштыруу. Мунун негизинде балдарда дүйнө тууралуу бирдиктүү көз караш калыптанат;

**Илимий-изилдөө иш-аракети** – изилдөөнү же анын бөлүгүн изилдөөдө балдар үчүн жеткиликтүү ыкмаларды жана ар андай даражадагы өз алдынчалыкты колдонуу менен ишке ашырууга багытталган атайын уюштурулган чыгармачылык таанып-билүү иш-аракети;

**Киберкоопсуздук** – маалыматтардын купуялуулугун, бүтүндүгүн жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо үчүн коопсуздук чараларды колдонуу процесси;

**Компетенттүүлүк** – бул адамдын билимин, окуу жана турмуштук тажрыйбасын, баалуулуктарын жана ыкмаларын колдонуу менен реалдуу турмуштук кырдаалдарда пайда болгон көйгөйлөрдү жана милдеттерди чечүү жөндөмдүүлүгүн аныктаган интегралдык өзгөчөлүк;

**Критериалдык баалоо** – бул билим берүүнүн максаттарына жана мазмунуна туура келген, окуучулардын негизги жана предметтик компеттенттүүлүктөрүн түзүүгө түрткү берген ачык-айкын, жамааттык түрдө иштелип чыккан, процесстин бардык катышуучуларына алдын ала белгилүү болгон критерийлери бар, окуучулардын окуу жетишкендиктерин салыштырууга негизделген процесс;

**Коркунуч** – адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна, жаратылышка жана айлана-чөйрөгө коркунуч туудурган кубулуштар;

**Медиа сабаттуулук** – маалыматтык гигиена, медиа продуктуну талдоо жана түзүү;

**Нетикет** – (неологизм, "тармактык" (англ. net) жана "этикет" сөздөрүнүн биригиши болуп саналат) - тармактагы жүрүм-турум, баарлашуу эрежелери, көпчүлүк карманган интернет-коомчулугунун салттары жана маданияты;

Мектеп окуучуларынын **долбоордук ишмердүүлүгү** – бул таанып-билүү, окуу, илимий-изилдөө жана чыгармачылык ишмердүүлүк. Анын натыйжасында продукт түрүндө көрсөтүлгөн маселенин чечими пайда болот;

**Окутуу технологиясы** – бул мугалим менен окуучунун өз ара аракеттешүүсүнүн модели, ал максаттарды (окуп-үйрөнүү натыйжалары) так жана конкреттүү коюуну жана аларга натыйжалуу жетүүнү камсыз кылган окутуунун жол-жоболорун жана ыкмаларын колдонууну камтыйт. Окутуунун технологиясы мугалим менен окуучулардын конструктивдүү өз ара аракеттешүүсүн камсыз кылган когнитивдик ишмердүүлүк стратегияларына негизделген;

**Өзүн-өзү таануу** – бул өзүн билүүгө жана түшүнүүгө багытталган процесс. Адам өзүн жана аны курчап турган дүйнөнү түшүнүү үчүн керек;

**Өзүн-өзү баалоо** – бул адамдын жүрүм-турумун жана ишмердүүлүгүн, анын инсандыгынын жана башка адамдардын арасындагы ишмердүүлүгүнүн маанилүүлүгүн, өзүн,

артыкчылыктарын жана кемчиликтерин, сапаттарын жана сезимдерин жөнгө салууга катышкан инсандык жаңыча билим.
**Өзүн-өзү жөнгө салуу** – бул өзүнүн иш-аракеттерин жана жүрүм-турумун өзүм ыктыяры менен башкара билүү. Өзүн-өзү жөнгө салуу ишмердиктин аң-сезимдүү максаттары, олуттуу шарттардын модели, аракеттердин программалары, натыйжаларды баалоо жана оңдоо сыяктуу компоненттерден турат;
**Өзгөчө кырдаал (ӨК)** – адам курмандыгына алып келген же алып келе турган, ден соолукту же айлана-чөйрөнү зыянга учураткан кырсыктын, табигый коркунучтун, кыйроонун, оорунун жайылышынын, табигый же башка кырсыктын натыйжасында белгилүү бир аймакта түзүлгөн кырдаал;
**Продуктивдүү (жемиштүү) өз ара аракеттенүү** – өз ара түшүнүшүүгө жана өз ара колдоого негизделген, жекелик-ишмердик жана топтук олуттуу өзгөрүүлөргө жетишүүгө алып баруучу максаттуу, макулдашылган баарлашуунун, жүрүм-турумдун жана ишмердүүлүктүн тутуму;
**Табигый-илимий сабаттуулук** - бул адамдын табигый илимдерди өнүктүрүүгө жана алардын жетишкендиктерин колдонууга байланыштуу маселелер боюнча жарандык активдүү позицияны ээлөөгө жөндөмдүүлүгү, анын табигый-илимий идеяларга кызыгууга даярдыгы.

**Туруктуу өнүгүү** – бул ресурстарды пайдалануунун модели, айлана-чөйрөнү сактоо менен бирге азыркы муундун турмуштук зарыл керектөөлөрүн канааттандыруу, жеке, коомдук ден соолукту чыңдоо жана келечек муундарды мындай мүмкүнчүлүктөн ажыратпоо жеткиликтүү болгон адамдар менен жаратылыштын өз ара аракеттешүүсүнүн модели.
**Финансылык сабаттуулук** - өзүнүн финансысын натыйжалуу теской билүү, инсандын жана коомдун финансылык жыргалчылыгын жакшыртууга өбөлгө түзүүчү базалык экономикалык көндүмдөрдү өздөштүрүү, ошондой эле экономикалык турмушка катышуу мүмкүндүгү.
**Функционалдык сабаттуулук** – адамдын сырткы чөйрө менен мамиле түзө билүү жөндөмдүүлүгү, алган билимдерин иш жүзүндө колдонуу менен сырткы чөйрөгө мүмкүн болушунча тез ыңгайлашып, иш алып баруусу;
**Экологиялык коопсуздук** – айлана-чөйрөнүн жана адамдын маанилүү кызыкчылыктарынын мүмкүн болуучу терс антропогендик жана табигый таасирлерден, өзгөчө абалдан, табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан жана алардын кесепеттеринен коргоонуу абалы;
**Экосистема** – бардык тирүү организмдерди бириктирүүчү система, ошондой эле алардын жаратылыш жана бири-бири менен болгон өз ара аракеттешүүсү.

## 2-БӨЛҮМ. «МЕН ЖАНА ДҮЙНӨ» ПРЕДМЕТИНИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

1-4-класстарда окутуу мектепке чейинки билим берүү жана тарбиялоо учурунда алынган билимдер жана көндүмдөргө таянат жана ал баланын жакынкы өнүгүү зонасында болуп, ар бир окуучунун муктаждыктарына жана жөндөмдүүлүгүнө жооп бере тургандай пландаштырылат.

Башталгыч билим берүүнүн негизги милдеттери:

- окуучулардын адам, жаратылыш, коом жана алардын өз ара байланышы менен көз карандылыгы тууралуу жалпы түшүнүккө ээ болуусу;
- курчап турган дүйнөнү таануунун негизги көндүмдөрүн жана бул көндүмдөрдү окуу жана турмуштук маселелерди чечүү үчүн функционалдык колдонууну өздөштүрүү (функционалдык сабаттуулук);
- курчап турган дүйнөнү таануунун негизги көндүмдөрүн өздөштүрүү жана бул көндүмдөрдү билим берүү жана турмуштук маселелерди чечүү үчүн функционалдык колдонуу (функционалдык сабаттуулук);

- окуучунун окуу ишмердүүлүгүн, өз алдынча жана топто иштөө көндүмдөрүн өздөштүрүүгө, социалдык-эмоционалдык жана инсандык өнүгүүсүнө багытталган максаттуу жана шыктандырылган активдүүлүгүн өнүктүрүү;
- окуучулардын адам укуктарынын (баланын) баалуулугу, гендердик теңчилик, басмырлабоо жана социалдык инклюзия жөнүндө баштапкы идеяларды өздөштүрүүсү.

Курчап турган дүйнө жөнүндө базалык илимий түшүнүктөрдү калыптандыруу, ар бир баланын кийинки окуусу жана социалдык-эмоционалдык өнүгүүсү үчүн зарыл болгон түшүнүктөрдү жана көндүмдөрдү ырааттуу өздөштүрүү башталгыч класстарда окуу мазмунун, окутуунун жана баалоонун инсанга багытталган методдорун интеграциялоону, бардык балдар, анын ичинде өзгөчө билим берүү муктаждыгы бар балдар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде түрткү берүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүүнү талап кылат.

Мектептин негизги милдеттеринин бири өз ара байланышкан бир бүтүн катары дүйнөгө көз карашты калыптандыруу болуп эсептелгендиктен, "Мен жана дүйнө" предметинин мазмунунда адам көйгөйү, анын "жаратылыш - коом - адам"тутумундагы дүйнөгө болгон баалуулугу жана жашоосу борбордук маселе болуп калат.

Жаратылыштын биримдиги жана анын антропогендик фактору жөнүндөгү окуу, туруктуу өнүгүү принциптери жана жаратылыштын ар кандай кубулушун жана адамдын ишмердүүлүгүн талдоого системалуу-бирдиктүү мамиле "Мен жана дүйнө" предметин иштеп чыгуунун методологиялык негизи болуп калат.

Интеграция окуу материалынын мазмунунун функционалдык багытына, билим берүү процессин уюштуруунун маалыматтык-коммуникациялык ыкмасына, окуучулардын билим берүү ишин уюштуруунун долбоорлоо-изилдөө формасына, окутуунун пландалып жаткан натыйжаларынын жекече-инсандык багытына жана натыйжаларды баалоонун ар кандай формаларына карата базалык принцип болуп саналат.

Кенже мектеп жашында баланын сезүү тажрыйбасын дүйнө, адам, өзү жөнүндө түшүнүктөр менен активдүү кеңейтүү жана байытуу, ошондой эле негизги таанып-билүү ой жүгүртүү операцияларын өздөштүрүү (талдоо, синтездөө, салыштыруу, байкоо, түшүнүү, чечмелөө) жүрөт, бул окуучуларды таанып-билүү процессине, өз алдынча издөө жана эксперименталдык иш-аракеттерге тартуу үчүн жагымдуу шарттарды түзөт.

Башталгыч класстардын окуучулары курчап турган дүйнөгө баа берип, анын ар бир элементинин өз ара байланышын жана маанисин түшүнүп, жигердүү иш-аракетте андагы өз ордун түшүнүшөт, курчап турган жаратылыш жана социалдык объектилер жана кубулуштар менен коопсуз мамиле түзүшөт, бул алардын дүйнө таанымынын кеңейишине, коомдук мамилелерде тажрыйбага ээ болууга алып келет.

"Мен жана дүйнө" предметин үйрөнүү мектептеги билим берүүнүн кийинки баскычтарында табигый илимдер жана коомдук предметтик программаларын өздөштүрүүгө даярдайт.

## 2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

"Мен жана дүйнө" интеграцияланган предметинин максаты Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын башталгыч класстарынын окуучуларында дүйнөнүн илимий картинасын, "жаратылыш - адам - коом" системасында көп түрдүү жана өзгөрүлмө чөйрөдө алардын жаш курагы үчүн жеткиликтүү деңгээлде натыйжалуу өз ара аракеттенүүгө даярдыгын калыптандыруу болуп саналат.

Башталгыч мектепте коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттерди аткаруу зарыл:

**Когнитивдик (таанып-билүү):**

- дүйнөнү түшүнүү, так, гуманитардык жана коомдук илимдер тармагында андан ары билим алуу үчүн зарыл болгон негизги түшүнүк аппаратын өздөштүрүүнү уюштуруу;

- Кыргызстандын жаратылышы жана көп түрдүү коому жөнүндө элементардык билимдерди өздөштүрүүсүн камсыз кылуу;
- жаратылышты таануу жана социалдык маалыматты, анын ичинде ар кандай массалык маалымат каражаттарынан алынган маалыматты натыйжалуу иштетүү боюнча билим жана көндүмдөрүн калыптандыруу;
- окуучуларга жаратылышты жана коомду изилдөөнүн негизги ыкмаларын өздөштүрүүгө шарттарды түзүү;
- жаратылыш, социалдык чөйрөнүн жана анын туруктуу өнүгүүсүнүн негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү тууралуу баштапкы түшүнүктөрдү калыптандыруу;
- жаратылыш жана социумдагы негизги коркунучтарды, анын ичинде өзгөчө кырдаалды айырмалап билүүнү үйрөнүү жана дүйнөнү изилдөөнүн негизги ыкмаларын өздөштүрүүсүнө шарттарды түзүү;
- жаратылыштагы жана социумдагы негизги коркунучтарды, анын ичинен өзгөчө кырдаалдарды айырмалап билүү;
- өзүнүн жана башкалардын ден соолугуна аң-сезимдүү мамиленин негиздерин калыптандыруу.

**Баалуулук:**

- курчап турган жаратылыш жана социалдык дүйнөгө, алардын көп түрдүүлүгүнө карата баалуу жана аң-сезимдүү мамилени калыптандыруу;
- өзүнүн жана башкалардын ден соолугуна баалуу жана аң-сезимдүү мамиленин негизин калыптандыруу;
- окуучуларда гендердик, социалдык, маданий, тил жана башка айырмачылыктарга карабастан адамдык ар-намысты, өзүнүн жана башкалардын маанилүүлүгүн сезүүнү калыптандырууга көмөктөшүү;
- окуучуну Кыргызстандын жараны катары тынчтыктын, теңдиктин, басмырлабоонун, инклюзивдүүлүктүн жана адам укуктарын урматтоонун духунда, өзүн дүйнөлүк коомчулуктун бир бөлүгү катары сезүүсүн тарбиялоо;
- Кыргызстандын уникалдуу жаратылыш байлыгы жана адамдык дарамети, Кыргызстандагы маданияттардын жана социалдык топтордун көп түрдүүлүгү жөнүндө түшүнүк берүү;
- өзүн-өзү таануу жана курчап турган дүйнөнү таанууга туруктуу шыктандыруу үчүн шарттарды түзүү.

**Жүрүм-турумдук:**

- билим берүү ишин өз алдынча пландаштыруу жана ишке ашыруу көндүмдөрүн калыптандырууга, башка окуучулар жана мугалимдер менен билим берүү кызматташтыгын уюштурууга көмөк көрсөтүү;
- жаратылыш жана социалдык кубулуштарды байкоо жана изилдөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү;
- коркунучтуу, анын ичинде өзгөчө кырдаалдарда коопсуз жүрүм-турумдун алгоритмдерин билүүнү камсыз кылуу;
- өзүн-өзү таануунун элементардык ыкмаларын иштеп чыгууну, адамдын физикалык, эмоционалдык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн жана алардын чегин адекваттуу баалоону камсыз кылуу;
- практикалык маселелерди чечүүдө байланыш жана кызматташуу үчүн шарттарды түзүү, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, чыр-чатакты оң жагына чечүү көндүмдөрүн өнүктүрүү;
- табигый жана социалдык чөйрөдө ден соолукту сактоочу жүрүм-турумдун эрежелерин иштеп чыгууга көмөктөшүү;
- табигый чөйрөдө жашыл көндүмдөрдүн негизинде иш-аракет кылууга түрткү берүү;
- алынган билимдерди жана көндүмдөрдү реалдуу турмуштук көйгөйлөрдү чечүү үчүн колдонууга көмөк көрсөтүү;

## 2.2. Предметтин түзүлүш методологиясы

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын түзүүдөгү жалпы принцип - компетенттүүлүккө негизделген мамиле. «Мен жана дүйнө» предметинин стандарты окуучуларда өзүн, жаратылышты жана коомду түшүнүүгө багытталган түйүндүү жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн калыптанышын камсыз кылууга тийиш.

Ошондой эле предметтин эң маанилүү милдеттеринин бири – предметтин куралдары менен критикалык ой жүгүртүү, чыгармачылык, коммуникация жана кызматташуу көндүмдөрүн, эмпатияны жана жалпысынан эмоционалдык интеллектти калыптандыруу.

«Мен жана дүйнө» предмети туруктуу өнүгүүнүн методологиясына негизделген.

Туруктуу өнүгүү – бул ресурстарды пайдалануунун модели, айлана-чөйрөнү сактоо менен бирге азыркы муундун турмуштук зарыл керектөөлөрүн канааттандыруу, жеке, коомдук ден соолукту чыңдоо жана келечек муундарды мындай мүмкүнчүлүктөн ажыратпоо жеткиликтүү болгон адамдар менен жаратылыштын өз ара аракеттешүүсүнүн модели.

Ошентип, туруктуу өнүгүү социалдык, экономикалык, экологиялык жана башка маселелерди бириктирет. Бул «Мен жана дүйнө» интеграцияланган предметин түзүүгө мүмкүндүк берет.

Педагогика илиминин заманбап мамилелерине ылайык, интеграцияланган предметтин мазмуну баланы курчап турган социалдык жана жаратылыш дүйнөсү жөнүндөгү маалыматтардын негизинде түзүлөт.

Ошентип, предметти үйрөнүүнүн жалпы натыйжасы курчап турган социалдык жана жаратылыш чөйрөлөрүндө окуучунун өзүнүн ордун билүүсү жана алар менен рационалдуу жана конструктивдүү өз ара аракеттешүүсү болот.

Интеграцияланган предмет кенже окуучуларга курчап турган дүйнөнү анын көп түрдүүлүгү жана ырааттуулугу менен изилдөө мүмкүнчүлүгүн берет: предметти үйрөнүү процессинде балдардын жынысын жана жашын эске алуу менен, алардын социалдашуусуна жана өзүн-өзү идентификациялоого шарттар түзүлөт. Окуучуларда «жашыл көндүмдөрдүн» негиздери түптөлөт. Предметтин алкагында балдарда реалдуу жана виртуалдык дүйнө, интернетте жүрүм-турум эрежелери, жеке гигиеналык көндүмдөр, сергек жашоо образы жөнүндө түшүнүктөр, өзүнүн жана башка адамдардын ден соолугуна жоопкерчиликтүү мамиле кылуу, ден соолук үчүн жөнөкөй, бирок баалуу чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүгү калыптанат.

Өзүн жана курчап турган дүйнөнү изилдөө менен, кичинекей окуучулар үйдө, мектепте, көчөдө аларды курчап турган социалдык жана табигый чөйрө, объекттер жана заттар менен коопсуз өз ара аракеттенүүгө үйрөнүшөт; техникалык каражаттарды коопсуз колдонуу жана табигый же социалдык жагдайлар менен байланыштуу өзгөчө кырдаалдарда аракеттенүү.

Предметтин компетенттүүлүк багыты окутуунун долбоордук технологиясын, изилдөө ыкмаларын колдонууну шарттайт.

### 2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

Предметтин жана изилдөө объектилеринин (адам, табигый жана коомдук көрүнүштөр) максатына жараша предметтик компетенттүүлүктөрдүн топтому түзүлгөн:

1. **Социалдык-инсандык компетенттүүлүк** – бул жөндөмдүүлүк
   - моралдык ченемдердин жана адеп-ахлак идеалдардын негизинде өзүнө, адамдарга, коомго, мамлекетке, Мекенге жана жалпысынан дүйнөгө аң-сезимдүү мамилени түзүү жана баалоо жөндөмдүүлүгү;
   - башка адамдар менен баарлашуунун эрежелерин жана ыкмаларын сактоо;
   - гендердик, социалдык, этникалык, тил жана башка таандыгына карабастан башкалардын укуктарын, милдеттерин жана эркиндиктерин ишке ашырууга жана башка адамдардын укуктарын, милдеттерин жана эркиндиктерин сактоого багытталган иш-аракеттерди жүргүзүүгө;

- жарандык коомдун активдүү мүчөсү болуу.

**2. Табигый-илимий компетенттүүлүк - бул жөндөмдүүлүк**

- табигый-илимий билимдерди колдонуу жана табигый чындыктын кубулуштарын түшүндүрүү;
- курчап турган дүйнөнү изилдөө методдорун колдонуу;
- маалыматтарды илимий чечмелөө жана тыянак чыгаруу үчүн далилдерди колдонуу.

**3. Экологиялык компетенттүүлүк – бул жөндөмдүүлүк**

- адам ишмердүүлүгү курчап турган дүйнөгө алып келген өзгөрүүлөрдү түшүнүү;
- "Адам - коом - жаратылыш" тутумунда жоопкерчиликтүү иш алып баруу;
- иш-аракеттерди айлана-чөйрөгө зыян келтирбегендей кылып долбоорлоо жана ишке ашырууда экологиялык жактан коопсуз жашоо образын жүргүзүү;

**4. Коопсуз жашоо компетенттүүлүгү – бул жөндөмдүүлүк**

- негизги коркунучтарды, алардын касиеттерин жана мүнөздөмөлөрүн таанып, алардан коргонуу ыкмаларын тандоо;
- үйдө, жаратылышта, коомдо, виртуалдык мейкиндикте коопсуз жүрүм-турумду көрсөтүү;
- адам жашоосунун баалуулугун түшүнүү менен сергек жашоо мүнөзүн сактоо

Предметтик компетенттүүлүктүн калыптануу деңгээли мектепте башталгыч билим берүү баскычында окуучулар өздөштүрүүгө милдеттүү болгон билим берүү натыйжаларынын жыйындысы аркылуу аныкталат жана бааланат.

**2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр байланышы**

"Мен жана дүйнө" предметинин каражаттары мамлекеттик билим берүү стандартында берилген предметтик жана негизги компетенттүүлүктү калыптандырууга багытталган.

**1-таблица. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр байланышы**

| Негизги компетенттүүлүктөр<br>Предметтик компетенттүүлүктөр | Маалыматтык | Социалдык-коммуникативдик | Өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чече билүүчүлүк |
|---|---|---|---|
| 1. Социалдык-инсандык | Өзү, үй-бүлөсү, Кыргызстандын эли, коом жана мамлекет жөнүндө маалыматтарды чогултуу, издөө | Башка адамдар менен алардын гендердик, социалдык, этникалык, тилдик жана башка таандыгына | Өз муктаждыктарын, кызыкчылыктарын жана чектөөлөрүн сезүү.<br>Адеп-ахлак нормаларына ылайык |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана систематештыруу.<br><br>Коом жөнүндө маалымат алуу үчүн ар кандай булактарды табуу, колдонуу жана сын көз менен баалоо.<br><br>Экосистема, коом, мамлекет жөнүндө маалыматтарды алуу, иштетүү жана берүү үчүн заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу<br><br>Жөнөкөй маалыматтык продуктуларды түзүү | карабастан жемиштүү мамилелерди түзүү:<br><br>эмоцияларды башкаруу, эмпатия сезимине ээ болуу; башкаларды жана өзүн уга билүү, өз иш-аракетин көзөмөлдөө.<br><br>Өзүн ар кандай социалдык ролдордо көрсөтүү (окуучу, өлкөнүн жараны, коомдун, үй-бүлөнүн мүчөсү ж.б.)<br><br>Топто, класста берилген тапшырмаларды аткаруу менен кызматташуу.<br><br>моралдык ченемдердин жана адеп-ахлак баалуулуктарынын негизинде өзүнө, адамдарга, коомго, мамлекетке, Мекенге жана жалпысынан дүйнөгө басмырлоосуз жана зомбулуксуз мамилени куруу.<br><br>Окуу изилдөөлөрүн жүргүзүүдө жекече жана топ менен аракеттенүү<br><br>Долбоорлорду жана изилдөөлөрдү жүргүзүүдө кызматташуу. | жүрүм-турум багытын тандап, өз аракеттеринин кесепеттерин натыйжасын божомолдоо.<br><br>Чыр-чатактуу кырдаалдарда компромисттик жана альтернативдүү чечимдерди табуу.<br><br>Экономикалык турмушка катышууга мүмкүнчүлүк берген негизги көндүмдөргө ээ болуу.<br><br>Өз укуктарын, милдеттерин жана эркиндиктерин ишке ашырууга, башка адамдардын укуктарын, милдеттерин жана эркиндиктерин сактоого багытталган иш-аракеттерди жүргүзүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2. Табигый-илимий** | Окуу изилдөөлөрү үчүн маалыматтык базаны түзүү (окуу жана кошумча материалдарды табуу, системалаштыруу жана талдоо)<br><br>Ар кандай булактардан жаратылыш жана социалдык объектилер жана кубулуштар жөнүндө маалыматтарды алуу.<br><br>Текст, графика, санариптик жана башка материалдар түрүндө изилдөө маалыматын берүү | Окуу изилдөөлөрүн жүргүзүүдө жеке жана топто аракеттенүү<br><br>Изилдөөлөрдү жана долбоорлорду аткарууда кызматташуу. | Окуу изилдөөлөрүн жүргүзүү үчүн шарттарды түзүү, аны жүргүзүү үчүн зарыл болгон изилдөө жана социалдык көндүмдөрдү көрсөтүү (көйгөйлөрдү коюу жана чечүү жөндөмдүүлүгү; окуу изилдөөлөрүн жүргүзүүдө уюштуруучулук, тактык, жоопкерчилик) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3. Экологиялык** | Курчап турган чөйрөнү коргоо тармагындагы маалыматты табуу жана талдоо, аны туура баалоо, чечмелөө жана конкреттүү экологиялык кырдаалда колдонуу.<br><br>Жаратылыш системаларынын жана адамдын/коомдун өз ара байланыштары жөнүндө маалыматтарды табуу, системалаштыруу, түшүндүрүп берүү | Жаратылышка болгон баалуулук мамилесин көрсөтүү.<br><br>Айлана-чөйрөнүн шарттарына көнүү,<br><br>Күнүмдүк жашоодо жаратылышты коргоо иш-аракеттеринин эрежелерин сактоо<br><br>Жергиликтүү жамааттын деңгээлинде экологиялык маселелерди чечүүдө башка адамдар менен кызматташуу | Өз аракеттери жана кылган ишинин натыйжаларынын айлана-чөйрөгө тийгизген кесепеттерин божомолдоо жана жоопкерчиликти сезүү, аларга ылайык иш-аракет кылуу.<br><br>Жаратылыш чөйрөсүн, жергиликтүү экосистеманы сактоо менен байланышкан ар кандай турмуштук кырдаалдарда аң-сезимдүү аракеттенүү.<br><br>Мектептин/үйдүн, жергиликтүү жамааттын деңгээлинде курчап турган жаратылыш чөйрөсүндө пайда болгон айрым көйгөйлөрдү чечүүнүн мүмкүн болгон практикалык жолдорун сунуштоо.<br><br>Чыгармачыл өнүмдөрдү түзүү, Экологиялык окуу долбоорлорун ишке ашыруу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4. Коопсуз жашоонун компетенттүүлүгү | Алынган маалыматтын негизинде жалпы коркунучтарды жана өзгөчө кырдаалдарды таанып, иш-аракет алгоритминин негизинде аларга жооп берүү. | Кооптуу жана өзгөчө кырдаалдарда жекече жана топ менен аракеттенүү.<br><br>Өзүнүн жана башкалардын, ден соолугун жана өмүрүн сактап калуу үчүн айланадагы адамдар менен кызматташуу. | Өмүрдү жана ден соолукту сактоо үчүн күнүмдүк жашоодо жүрүм-турум моделин тандап, анын негизинде иш-аракет кылуу.<br><br>Коркунучтар, жалпы тобокелдиктер жана өзгөчө кырдаалдар учурунда коопсуз жүрүм-турум эрежелерин сактоо. |

## 2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын класстар жана мазмундук тилкелер боюнча бөлүштүрүү

1-4-класстарда «Мен жана дүйнө» интеграцияланган предметин калыптандыруу үчүн билимдин негизги объектилери катары бөлүнгөн төмөнкү мазмундук тилкелер аныкталган: мен (инсан), жаратылыш жана коом.

Предметтин мазмуну класстан класска материалды татаалдаштыруу менен бирдиктүү интеграцияланган курс катары төмөнкү принциптердин негизинде түзүлөт:
- ар бир класста предметтин мазмунунун чегинде бардык мазмундук жана тематикалык тилкелерди ишке ашыруу;
- ар кандай курактагы окуучулардын таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүнүн деңгээлин эсепке алуу менен дифференцияланган материал берүү үчүн мазмунун ырааттуу татаалдаштыруу жана кеңейтүү (жакынкы социалдык жана табигый чөйрөнүн өзгөчөлүктөрүнөн мамлекеттердин жана Ааламдын масштабына чейин ж. б.);
- предметти өздөштүрүүнүн дифференцияланган билим берүү натыйжаларынын деңгээли боюнча калыптандыруу.

**2-таблица. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү**

| Мазмундук тилкелер | 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс |
|---|---|---|---|---|
| Мен (Инсан) | Теңтуштары жана чоңдор менен конструктивдүү баарлашуу эрежелерин өздөштүрүү.<br>Сырткы көрүнүш маданияты.<br>Мектепте жана үйдө күн тартибин түзүү жана сактоо. | Баланын укуктары жана милдеттери менен таанышуу.<br>Балдардын укуктары жөнүндө Конвенция.<br>Башка адамдын укугун урматтоо.<br>Кантип тартиптүү болуу керек?<br>Аптаны пландоо. | Менин коопсуз классым.<br>Адамдын муктаждыктарын, эмоцияларын жана сезимдерин изилдөө.<br>Бир айга пландоо. | Коопсуз жүрүм-турумдун психологиясы (адамдык мүнөздүн сапаттарын үйрөнүү). Өз алдынчалык жана жоопкерчилик.<br>Өзүн- өзү баалоо.<br>Окуу мезгилиндеги |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | максаттарды пландаштыруу |
| | Жеке коопсуздук. Мектепте жана үйдө коопсуздук эрежелери | Теңтуштар жана чоңдор менен коопсуз баарлашуу . Сейилдөө учурунда, көчөдө, лифтте, коомдук жайларда, транспортто коопсуз жүрүм-турум. | Чыр-чатак учурундагы жүрүм-турум стратегиялары | Эл көп чогулган жерлердеги коопсуздук Санариптик чөйрөдөгү коопсуз баарлашуу |
| Коом | Мен жана менин үй-бүлөм. Менин үй-бүлөмдүн салттары. | Менин ата-тегим. Үй-бүлөлүк баалуулуктар. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн бирдейлигинин ролун таануу жана сыйлоо. | Коңшу жашаган элдер. Кыргызстандын элдеринин каада-салты, үрп-адаттары. | Дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүндөгү үй-бүлөлүк салттар. |
| | Классташтар, (кыздар жана балдар), мугалимдер. Мектеп эрежелери. Мектеп этикасы. | Достук деген эмне? Достор жана санаалаштар. Коомдук жайларда, транспортто жүрүм-турум жана баарлашуунун маданияты. | Биз ар түрдүүбүз жана биз биргебиз. Адеп-ахлактын алтын эрежеси. | Дүйнө өлкөлөрү жана элдери. Элдин жашоо образы. Жашоо образы менен табигый чөйрөнүн өз ара байланышы |
| | Окуу эмгегин уюштуруу. Менин үй-бүлөмдөгү эмгек. Менин үй-бүлөдөгү милдеттерим. | Шаардагы жана айылдагы адамдардын кесипчилиги. Эмне эмнеден жасалган. | Багбанчылык, мал чарбачылыгы жана алардын ролу. | Жаңы технологиялар дын доору. Кесиптер кандай өзгөрүүдө. Келечектин кесиптери. |
| | Акча, алардын мааниси. Үй-бүлөнүн кирешеси жана чыгымдары. Менин керектүү чыгымдарым. | Накталай жана накталай эмес акча. Акчаны коопсуз колдонуу. Үй-бүлөлүк экономика, үй-бүлөлүк бюджет. | Кыргыз Республикасынын акча каражаттары. Кантип акча чогултуу керек. Ар бир үй-бүлө мүчөсүнүн салымы (акы төлөнүүчү жана төлөнбөгөн үй жумуштары). | Ар кайсы өлкөлөрдүн акча бирдиктери. Милдеттүү жана милдеттүү эмес чыгымдар. Үй-бүлөлүк бюджетти кантип пландаштырат? Жеке каржылык пландаштыруу. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Маалымат жана анын түрлөрү. Маалыматты кабыл алуу, сактоо жана берүү. Компьютерде иштөөдөгү коопсуздук эрежелери**.** | Маалымат булактары. Чыныгы жана жалган маалыматты кантип айырмалоо керек. Маалымат берүүнүн формалары. Интернет. Виртуалдык баарлашуунун коопсуздугу | Массалык маалымат каражаттары. Жеке маалымат. Маалыматты колдонуу. Кибербуллингден кантип коргонуу керек. | Маалыматтарды берүүдө технологиялардын өнүгүшү. Электрондук почталар, билдирүүлөр. Нетикет эрежелери. |
| | Коом деген эмне? Эмне үчүн адам коомдо жашайт? Мамлекет жана коом. | Биз кайсы мамлекетте жашагыбыз келет? (демократия жана адам укуктары) | Коомдогу жана мамлекеттеги жашоо нормалары. Каада деген эмне, мыйзам деген эмне. | Эмне үчүн сыймыктануу менен: “Кыргыз жараны” деп айтабыз |
| | Кыргызстан- менин Мекеним. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдору. Менин көчөм, Менин үйүм. | Шаар жана айыл Менин кичи Мекеним. Менин айылым/менин шаарым (аталыш тарыхы), менин районумдагы/облусумдагы калктуу конуштар. | Кыргызстан картада. Бишкек - мамлекеттин борбору. Аймактардын өзгөчөлүктөрү. Конституция – Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамы. Жарандык түшүнүгү. Жарандардын укуктары жана милдеттери. Мамлекеттик майрамдар. | Кыргызстан дүйнөлүк коомчулукта. Кыргызстан дүйнө картасында. Кыргыз Республикасынын кошуналары. |
| | Көчмөн жана отурукташкан жашоонун өзгөчөлүктөрү. Жашоо образынын элдик чыгармачылыкта чагылдырылышы | Менин айылымдын /шаарымдын салттары, атактуу адамдар (аялдар жана эркектер), кооз жерлер. Менин кичи Мекенимдин маданий өзгөчөлүктөрү. Менин жерим өлкөгө эмне берет? | Тарыхка терең сүңгүп кирүү. Тарыхый эстеликтер. Кыргызстандын белгилүү аялдары жана эркектери. Манастын осуяттары жана алардын азыркы жашоодогу мааниси. | Кыргыздын даңкын чыгарган улуу инсандар. Кыргызстандын маданий мурастары. Азыркы Кыргызстандын маданияты. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | Жол кыймылынын эрежелери.<br>Тез жардам телефондору.<br>Үйдө жана/же коомдук жайларда өрт учурундагы аракеттер | Өрт өчүрүүчү каражаттар<br>Жол кыймылынын эрежелери. Жол белгилери | Жаратылыштагы өрт коопсуздугу<br>Жол кыймылынын эрежелери. Айыл жолдорундагы кыймыл. | Коркунуч тууралуу эскертүүлөр жана кооптуу же өзгөчө кырдаалдардын ар кандай түрлөрү учурундагы аракеттер алгоритми.<br>Тревога чемоданы |
| Жаратылыш | Жер – космостук тело.<br>Жандуу жана жансыз жаратылыш.<br>Жаратылыштын мезгилдик кубулуштары.<br>Жаратылышка аяр мамиле кылуу. | Жер бетинин формалары, табигый жана жасалма.<br>Аба ырайы жана анын түзүүчүлөрү. | Суу. Суунун касиеттери.<br>Табиятта суунун айлануусу.<br>Суунун жашоо үчүн мааниси.<br>Кыргызстандын суу ресурстары (дарыялар, көлдөр, мөңгүлөр, минералдык булактар), алардын мааниси жана корголушу.<br>Аба. Абанын касиеттери. Таза абанын баалуулугу.<br>Адамдын шамал энергиясын пайдалануусу.<br>Топурак. Кыртыштын касиеттери жана курамы. Жер кыртышын сактоонун мааниси.<br>Пайдалуу кендер, алардын касиеттери, баалуулугу.<br>Сууну, жылуулукту, электр энергиясын, кагазды, | Космос. Асман телолору.<br>Күн жана Ай.<br>Күн системасынын планеталары.<br>Күндүн айланасында жердин өз огунда кыймылы, алардын мааниси. Жыл мезгилдеринин жана күн убактысынын алмашуусу.<br>Жердин түзүлүшү.<br>Жердин кабыктары: жашоо үчүн алардын мааниси.<br>Жердин экологиялык системалары, алардын мааниси жана сакталышы.<br>Экологиялык тең салмактуулук.<br><br>Материктерге саякат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | продуктуну унөмдүү чыгымдоо.<br>Экология деген эмне?<br>Таштандыларды кантип жок кылса болот? | |
| | Менин Мекенимдеги табият.<br>Өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү.<br>Дарактар, бадалдар жана чөптөр<br>Жалбырактуу, ийне жалбырактуу өсүмдүктөр.<br>Декоративдүү, жапайы өсүмдүктөр.<br>Үй жана жапайы жаныбарлар.<br>Тирүү жандыктардын көп түрдүүлүгү (жаныбарлар, канаттуулар, балыктар, курт-кумурскалар, жөргөмүш сымалдар,)<br>Айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылуу<br>Кыргызстандын жаратылышынын коздугу | Туулган жеримдин (аймактын) жаратылышы.<br>Жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү (түзүлүшү, жашоо чөйрөсү, тамактануусу, дем алуусу, өсүшү, көбөйүшү, жашоо шарты).<br>Бөлмө гүлдөр дүйнөсү.<br>Жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн адамдын жашоосундагы ролу.<br>Жегенге жарактуу жана жегенге жараксыз козу карындар.<br>Жаратылышта жүрүүнүн эрежелери | Кыргыз Республикасынын рельефинин өзгөчөлүктөрү.<br>Жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн ортосундагы байланыш.<br>Тамактануу чынжырлары.<br>Бактериялар.<br>Заттардын айлануусу.<br>Кыргызстандын токойлору.<br>Кыргызстандын жаратылыш коомчулугу.<br>Кыргызстандын токойлору<br>Кыргызстандын Кызыл китеби | Адамдын жаратылышка тийгизген терс жана оң таасири.<br>Жердин климаты.<br>Климаттын өзгөрүшү (себептери, кесепеттери)<br><br>Туруктуу өнүгүү деген эмне?<br>Эл аралык Кызыл китеп. |
| | Адамдын сезүү органдары.<br>Жеке гигиена.<br>Дене тарбия, денени чыңдоо, таза абада ойноо. | Адам жаратылыштын бир бөлүгү.<br>Адамдын жашоосу үчүн зарыл шарттар.<br>Абанын сапатынын адамдын ден соолугуна тийгизген таасири.<br>Сергек жашоо | Адам денесинин түзүлүшү.<br>Туура тамактануунун негиздери.<br>Уулануу учурундагы аракеттер.<br>Алгачкы медициналык жардам. | Адамдын органдар системасы жана анын иштеши.<br>Күн нурунун кооптуулугунан коргоо.<br>Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана алар үчүн жеткиликтүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | образынын эрежелери.<br>Жеке гигиена.<br>Жугуштуу оорулардын жайылышындагы аракеттер. | Ден соолукту сакта. | шарттарды түзүү.<br>Пайдалуу жана зыяндуу адаттар. |
| | Коркунучтуу кубулуштар. Мезгилдик жаратылыш кубулуштарынын учурундагы коопсуздук (күндүн күркүрөшү, кара тоңголок, шамал, нөшөр, үшүк). | Кооптуу жана өзгөчө кырдаалдар. Табигый мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардагы (жер титирөө, таш кулоо, кар көчкү) коопсуздук.<br>Жаныбарлар, өсүмдүктөр, козу карындар менен өз ара аракеттешүүдөгү коопсуздук.<br>Суудагы коопсуз жүрүм-турум. | Табигый мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардагы (сел, дарыя сууларынын деңгээлинин көтөрүлүшү, жер көчкү, бороон) коопсуздук. | Токойдо, тоодо коопсуз жүрүм-турум.<br>Табигый мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардагы коопсуздук (жанар тоонун атылышы, тайфун, цунами). |
| | Жаратылыш кубулуштарына байкоо жүргүзүү | Жаратылышты үйрөнүү ыкмалары жана куралдары.<br>Термометр. | Жергиликтүү чөйрөнүн белгилери аркылуу картанын, компастын жардамы менен аймакта багытты табуу.<br>Жаратылышты изилдеген окумуштуулар | Жер глобуста жана картада.<br>Жерди изилдөө.<br>Адамдын космос мейкиндигин өздөштүрүүсү.<br>Жаратылыш тууралуу илимдер. |

## 2.6. Предметтер аралык байланыштар жана өтмө тематикалык тилкелер

Кенже мектеп окуучусунун дүйнөсүнүн илимий табигый жана социалдык картинасынын негиздерин калыптандыруу - башталгыч мектептин бардык предметтери үчүн жалпы милдет болуп саналат, ал предметтер аралык байланыштарды чыңдоону талап кылат.

**3-таблица. Мурунку байланыштар**

| | |
|---|---|
| Мектепке чейинки даярдоо программасы 480 саат | 1-предметтик чөйрө. «Курчап турган дүйнө менен таанышуу». |
| | Программанын максаты: өз тажрыйбасын, социалдык жана предметтик дүйнөнүн маңызын балага акырындык менен |

| | |
|---|---|
| | түшүнүүсү боюнча маселелерди чечүү процессинде дүйнөнүн толук сүрөтү менен тааныштыруу. |

**4 - таблица. Башталгыч мектептеги предмет аралык байланыштар**

| Математика | Тил жана окуу | Музыка | КӨ | Дене тарбия |
|---|---|---|---|---|
| Сандарды сүрөттөө, талдоо үчүн колдонуу, убакыт түшүнүгү | Жаңы сөздөрдү байланыштуу кепте колдонуу, классификациялоо, салыштыруу, сөз байлыгын толуктоо, билдирүү түзүү. Окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүү. Жаратылыш, анын байлыктары жөнүндө аңгемелерди окуу, макал-лакаптарды жаттоо, ар кайсы элдин ыр, табышмак, жомок, уламыштарын окуу | Табияттын үндөрү (шамал, куштардын сайраганы, жамгыр ж. б.), элдик аспаптар жана обондор. Элдик чыгармачылык: ырдоо, бийлөө. | Элдик чыгармачылык: зер буюмдар, тиричилик буюмдары, оюнчуктар. Тартуу жана боёо. Табигый материалдардан ар кыл буюмдарды жасоо, чыгармачылык долбоорлор. Жаратылыш чагылдырылган сүрөттөрдү, фото-сүрөттөрдү кароо | Дененин түзүлүшү, ден соолукту чыңдоо, күн тартибин сактоо, айрым адаттардын таасири жөнүндө билим. Кыздардын жана балдардын гигиенасын сактоо, ден соолукту сактоо боюнча элементардык аракеттерди көрүү. |

Орто мектепте окууга даярдыкты камсыз кылган предметтер аралык байланыштар:

| | |
|---|---|
| **Табият таануу** | Жаратылыш, жаратылыш кубулуштары, Аалам жөнүндө билим. |
| **Технология** | Схемалар жана таблицалар менен иштөө, санариптик ресурстар менен иштөө, табигый материалдар менен иштөө, чийүү, колдонуу, өсүмдүктөрдү багуу, өлчөө приборлорун колдонуу, эксперимент |
| **Физика** | Жаратылыш кубулуштары, аба, суу, күн нуру, топурактын мааниси, электр энергиясы, коопсуздук эрежелери жөнүндө башталгыч билим. |
| **Биология** | Тирүү жаратылыш жөнүндө башталгыч билим. Жаратылыштагы өзгөрүүлөр жана алардын тирүү организмдердин жашоосуна тийгизген таасири. Экологиялык жүрүм-турум көндүмдөрү. |
| **Тарых** | Кыргызстандын элдеринин тарыхый окуялары, үрп-адаттары, каада-салттары жөнүндө билим |
| **Адам жана коом** | «Мекен», «жаран», «укуктар жана милдеттер» түшүнүктөрүн билүү |
| **География** | Жер планетасы, космос, Аалам жөнүндө алгачкы маалымат. |
| **Информатика** | Маалыматты баалоо, издөө, ар кандай каражаттарды колдонуу менен аны кайра чыгаруу жана берүү жөндөмү. |

**Интеграциялоочу элементтер болуп, туруктуу өнүгүүнүн тематикалык тилкелери саналат:**

• Тынчтык жана коопсуздук, адам укуктарын жана этикалык ченемдерди кармануунун негизинде чыр-чатактарды алдын алуу жана чечүү

• Кыргызстандын жарандыгы жана дүйнөлүк жарандык.
• Жынысы, ден соолугунун абалы, тили, этникалык таандыгы, социалдык же башка тиешелүүлүгү боюнча басмырлоонун жоктугу
• Маданий көп түрдүүлүк жана маданияттар аралык өз ара түшүнүшүү.
• Экосистемаларды жана биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо
• Климаттын өзгөрүшүнө адаптация
• Жашоо коопсуздугунун негиздери.
• Ден соолукту сактоо.

## 3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО

### 3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү окуп-үйрөнүү натыйжалары

Билим берүүнүн натыйжалары предметтин материалы боюнча мазмундук жана тематикалык тилкелердин контекстинде калыптанат жана предметтик компетенттүүлүктү түзөт. Окуп-үйрөнүү натыйжалары 1-4-класстар үчүн түзүлгөн. Башталгыч класстын бүтүрүүчүсүнүн билиминин натыйжалары негизги жана жогорку жалпы билим берүүчү мектептерде билим алууну улантууну камсыз кылат.

Ар бир класста билим берүү натыйжасына жетишүү көрсөткүчтөрдүн негизинде аныкталат.

**5-таблица. 1-4 класстар үчүн билим берүү натыйжалары.**

биринчи сан - предметтик компетенттүүлүктүн номери,
экинчи сан – мазмундук тилкенин номери,
үчүнчү сан – билим берүү натыйжасынын номери.

| мазмундук тилкелер / предметтик компетенттүүлүктөр | 1. Мен (Инсан) | 2. Коом | 3. Жаратылыш |
|---|---|---|---|
| 1. Социалдык-инсандык компетенттүүлүк | 1.1.1. Окуу жана турмуштук кырдаалдарда өзүн-өзү таануу, өзүн-өзү баалоо, өзүн-өзү жөнгө салуу, өзүн-өзү өнүктүрүү ыкмаларын колдонот. | 1.2.1. Зомбулук жана басмырлоо көрүнүштөрүн жокко чыгаруу менен коомдук ролго, жүрүм-турум эрежелерине жана моралдык принциптерге ылайык башка адамдар менен кызматташат жана өз ара аракеттешет. | 1.3.1. Организмдин түзүлүшү жана анын функциялары жөнүндөгү билимдердин негизинде ден соолукту сактоонун окуу жана практикалык милдеттерин чечет |
| | 1.1.2 Өзүн Кыргыз Республикасынын жараны, дүйнөлүк коомчулукта өлкөнүн жана элдин өкүлү катары тааныйт. | 1.2.2. Өз өлкөсүнүн жана анда жашаган элдердин тарыхын жана маданиятын билет жана сый мамиле жасайт. | 1.3.2. Өз аймагынын, өлкөсүнүн жаратылыш өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимин колдонот. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 1.1.3. Өзүн-өзү уюштуруу көндүмдөрүн көрсөтөт жана зомбулуктун жана басмырлоонун көрүнүштөрүн жокко чыгарган жүрүм-турумдун белгиленген эрежелерин жана ченемдерин колдонот. | 1.2.3. Социалдык жана жаратылыш кубулуштары жөнүндө ар кандай булактардан алынган маалыматтарды сын көз менен колдонот, өзүнүн маалыматтык продуктусун түзөт | |
| | 1.1.4. Жеке каржыны башкарууну, элементардык экономикалык маселелерди чечүүнү билет | 1.2.4. Адамдын жашоосунда эмгектин жана техниканын ролуна баа берет, эмгекке жоопкерчилик менен мамиле кылат. | |
| 2. Табигый- илимий компетенттүүлүк | 2.1.1.Курчап турган дүйнөнүн кубулуштарын жана объектилерин сүрөттөө жана талдоо үчүн табигый-илимий билимдерди көрсөтөт жана колдонот | 2.2.1. Эң маанилүү илимий ачылыштарды билет жана алардын коом үчүн маанисине баа бере алат | 2.3.1. Табият жөнүндө жаңы билимдерди алуу үчүн изилдөө методдорун (байкоо, өлчөө, эксперимент) колдонот |
| 3.Экологиялык компетенттүүлүк | 3.1.1. .Айлана-чөйрөдөгү жүрүм-турумунун кесепеттерин болжолдойт, "жашыл көндүмдөрдүн"негиздерин көрсөтөт. | 3.2.1. Жаратылыш ресурстарын сактоо жана сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-аракеттерде кызматташат | 3.3.1. Табияттагы мамилелерди аныктайт жана түшүндүрөт, адам менен жаратылыштын ортосундагы мамилелерди жана алардын кесепеттерин баалайт. |
| 4. Коопсуз жашоо компетенттүүлүгү | 4.1.1. Өз үйүндө, аймакта, өлкөдө негизги коркунучтарды жана мүмкүн болуучу өзгөчө кырдаалдарды айырмалайт, окуу жана практикалык кырдаалдарда коопсуз жүрүм-турум эрежелерин билүүсүн көрсөтөт. | 4.2.1. Чыныгы жана санариптик дүйнөдө теңтуштар жана чоңдор менен коопсуз байланышты орнотот | 4.3.1. Коопсуздук эрежелерине ылайык табигый мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдарда жооп бере алат, жаратылыштагы коопсуздук эрежелерин сактайт. |

Башталгыч класстын бүтүрүүчүсүнүн билиминин натыйжалары негизинен компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн продуктивдүү жана чыгармачыл деңгээлинде түзүлгөн, ошондой эле башталгыч мектеп үчүн алгоритмдик иш-аракеттерди

(репродуктивдик деңгээл) түзүүгө багытталган билим берүү натыйжалары дагы бар. Пландаштырылган деңгээлге жетүү үчүн, ар бир натыйжа жылдан жылга ырааттуу түзүлөт. Класстардын деңгээлинде билим берүү натыйжалары аларга жетишүүнүн индикаторлору түрүндө конкреттештирилген.

**6-таблица. Билим берүүнүн натыйжалары жана аларга жетүүнүн класстар боюнча көрсөткүчтөрү.**

| 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс |
|---|---|---|---|
| **1.1.1. Окуу жана турмуштук кырдаалдарда өзүн-өзү таануу, өзүн-өзү баалоо, өзүн-өзү жөнгө салуу, өзүн-өзү өнүктүрүү ыкмаларын колдонот.** | | | |
| 1.1. Атын, фамилиясын, атасынын атын толук айта алат.<br>**1.2.**1.2. Сырткы келбетине тыкандык жагынан баа берип, оңдойт, | 2.1. Балдардын укуктары жөнүндө Конвенцияга ылайык өз укуктарын билет жана башкалардын укуктарын сыйлайт. | 3.1. Сезимдерди, эмоцияларды жана алардын адам жашоосундагы маанисин айырмалайт жана түшүндүрөт<br>3.2. «Адеп-ахлактын алтын эрежесин» түшүндүрөт, мисалдарды келтирет. | 4.1.Адамдын мүнөзүндөгү оң жана терс сапаттарга анализ жүргүзүп, алардын маанисин түшүндүрөт.<br>4.2.Конструктивдүү баалоо жана өзүн-өзү баалоо ыкмаларын колдонот. |
| **1.1.2 Өзүн Кыргыз Республикасынын жараны, дүйнөлүк коомчулукта өлкөнүн жана элдин өкүлү катары тааныйт.** | | | |
| 1.1. Мамлекеттик символикаларды сүрөттөйт<br>1.2.Мамлекеттик гимнди аткаруунун эрежелерин сактайт<br>1.3. Үйүнүн толук дарегин айта алат | 2.1. Илимий долбоорду ишке ашырат жана көчөсү/шаары/айылы жөнүндө маалыматты презентациялайт.<br>2.2. Өз аймагынын калктуу конуштарын мейкиндик багытын көрсөтүү менен атайт (жакын-алыс, оң-сол ж.б.) | 3.1. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын маанисин түшүндүрөт.<br>3.2. Кыргыз Республикасынын жараны катары өзүнүн укуктарын жана милдеттерин санап, алардын маанисин түшүнөт.<br>3.3. Өлкөнүн жана анда жашаган элдердин майрамдарынын тарыхы жана алардын өзгөчөлүктөрү тууралуу билимин көрсөтөт<br>3.4. Кыргызстандын картасынан ири географиялык объектилерди табат<br>3.5. Республиканын аймактарынын | 4.1. Кыргызстанды дүйнөлүк картадан таап, мейкиндик-географиялык ориентация терминдерин колдонуу менен жайгашкан жерин сүрөттөйт (түндүк-түштүк, Евразия континенти)<br>4.2. Кыргызстандын коңшу өлкөлөрүн атайт жана сүрөттөйт: Кыргызстанга салыштырмалуу жайгашкан жери, ал жерде жашаган элдер, жаратылыш өзгөчөлүктөрү)<br>4.3. Кыргызстандын башка мамлекеттер менен |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | окшоштуктары жана айырмачылыктары жөнүндө билимин төмөндөгүлөрдүн негизинде көрсөтөт: географиялык жайгашуусу, калкынын саны, аймагынын көлөмү, жаратылыш өзгөчөлүгү, адамдардын эмгеги. | кызматташтыгы жана анын маанисин мисалдар менен келтирет.<br>4.4. Тынчтыкты сактоо жана туруктуу өнүгүүгө жетишүү үчүн ар кандай элдердин жана маданияттардын өз ара аракеттенүүсүнүн мисалдарын изилдейт. |
| **1.1.3. Өзүн-өзү уюштуруу көндүмдөрүн көрсөтөт жана белгиленген жүрүм-турум эрежелерин жана ченемдерин колдонот.** | | | |
| 1.1 Эрежелерди билет жана мектептеги этикетти сактайт.<br>1.2 Күн тартибин түзөт.<br>1.3 Коомдо белгиленген эрежелерди аткаруу зарылдыгын түшүндүрөт.. | 2.1.Окуучунун ролун жөнгө салган ченемдерди аткарат<br>2.2.Бир жумалык күн тартибин түзөт | 3.1.. Планерди бир айга түзөт, анын аткарылышын оозеки баалайт.<br>3.2. Конфликттик кырдаалды чечүү ыкмаларын колдонот. | 4.1. Окуу мезгилине планер түзөт, анын аткарылышын баалайт.<br>4.3. Ар кандай кырдаалда жүрүм-турумун жөнгө салат. |
| **1.1.4. Жеке каржыны башкарууну, элементардык экономикалык маселелерди чечүүнү билет.** | | | |
| 1.1. Акчанын адамдардын жашоосундагы ордун түшүндүрөт.<br>1.2.Үй-бүлөнүн кирешеси менен чыгымдарын айырмалайт<br>1.3.Чөнтөк акчанын керектүү минималдуу суммасын эсептейт. | 2.1. Накталай жана накталай эмес акчаларды айырмалайт жана сүрөттөйт. Пластикалык карталарды колдонуунун маанилүүлүгүн түшүндүрөт.<br>2.2. . Акча белгилерин коргоонун жолдорун изилдейт.<br>2.3.Шылуундар менен жолугушуу тобокелдигин баалайт жана акчаны коргоонун жолдорун билет. | 3.1. Кыргыз Республикасынын акчасын айырмалайт жана классификациялайт.<br>3.2. Үй-бүлөлүк бюджетти изилдейт, анын ар бир мүчөсүнүн бюджетти түзүүгө кошкон салымын түшүнөт.<br>3.3. Ак каражаттарын сактоо жана үнөмдөө мүмкүнчүлүктөрүн пландайт | 4.1. Ар кайсы өлкөлөрдүн акча бирдиктерине мисалдарды келтирет.<br>4.2. Айрым жөнөкөй акча алмаштыруу мисалдарын чечет.<br>4.3. Милдеттүү жана милдеттүү эмес чыгымдарды талдап, жыйынтык чыгара алат<br>4.4. Жеке каржы планын түзөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1.2.1. Коомдук ролго, жүрүм-турум эрежелерине ылайык башка адамдар менен кызматташат жана өз ара аракеттенет** | | | |
| 1.1. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн толук аты-жөнүн айта алат. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн портретин оозеки түзөт, өзүнүн үй-бүлөдөгү ролу, үй-бүлөлүк баалуулуктар жана салттар тууралуу айтып берет.<br>1.2. Дасторкон үстүндө өзүн алып жүрүү эрежелерин билет жана жүрүм-турум маданиятын сактайт.<br>1.3 Башкаларга сый мамиле жасап, сылык-сыпаалык, ак ниеттүүлүк көрсөтөт. | 2.1. Тексттерде жана реалдуу кырдаалда дос-тааныштарды айырмалайт. Достуктун ролун түшүндүрөт.<br>2.2. Коомдук жайларда маданияттуу баарлашуу, өзүн алып жүрүү шыктарын көрсөтөт.<br>2.3. Керектүү маалыматтарды чогултуу жана системалаштыруу менен өзүнүн санжырасын (ата-тегин) түзөт | 3.1. Практикалык тапшырмаларды аткаруу үчүн башкалар менен кызматташат.<br>3.2. Элдин ынтымагынын маанилүүлүгүн түшүндүрөт, мисалдарды келтирет (өзүнүн жашоосунан, адабий чыгармалардан, туугандардын аңгемелеринен ж.б.) | 4.1.Ар түрдүү улуттардын, конфессияларды н жана маданияттын өкүлдөрүнө карата толеранттуу мамиле жасайт<br>4.2.Мобилдик аппараттарды колдонууда этикеттин эрежелерин түшүндүрөт жана сактайт. |
| **1.2.2. Өз өлкөсүнүн жана анда жашаган элдердин тарыхын жана маданиятын билет жана сыйлайт** | | | |
| 1.1.Көчмөн элдин боз үйүн, тиричилик буюмдарын сүрөттөп, алардын келип чыгышын функционалдык жактан түшүндүрөт.<br>1.2. Элдик чыгармачылыкта өзүн көрсөтөт (ыр айтып берүү, ыр ырдоо, бий, жомок, уламыш, оюнчук ж. б.)<br>1.3.Элдердин көчмөн жана отурукташкан жашоосун жана өлкө тарыхында жашоо образынын өзгөрүшүн айырмалайт. | 2.1. Айылы / шаары (анын кооз жерлери, эстеликтери, белгилүү инсандары) жөнүндө маалыматты чогултат жана тартуулайт.<br>2.2. Өз жеринин каада-салттарын, үрп-адаттарын, алардын маанисин сүрөттөйт. | 3.1. Өлкөнүн тарыхый эстеликтери тууралуу маалыматтарды чогултуп, тартуулайт.<br>3.2. Маалыматтарды чогултуп, Кыргызстандын элдеринин айрым каада-салттарын, үрп-адаттарын презентациялайт.<br>3.3. Кыргызстандын белгилүү тарыхый инсандары тууралуу маалыматтарды таап, топ менен презентация даярдайт.<br>3.4. Манастын 7 осуятын атайт, алардын азыркы турмуштагы маанисин түшүндүрөт. | 4.1. Кыргызстанды даңазалаган улуу айымдар жана эркектердин ысымдарын атайт, алардын сиңирген эмгегин айтат.<br>4.2. Кыргызстандын маданий мурас объекттери жөнүндө маалымат берет.<br>4.3. Азыркы Кыргызстандын искусствосунун ар кандай түрлөрү (живопись, театр, музыка, кино, адабият) жөнүндө түшүнүгүн көрсөтөт жана мисалдарды келтирет. |
| **1.2.3. Социалдык жана жаратылыш кубулуштары жөнүндө ар кандай булактардан алынган маалыматтарды сын көз менен колдонот, өзүнүн маалыматтык продуктусун түзөт** | | | |
| 1.1. Адамдын жашоосундагы | 2.1.Маалыматтын ар кандай булактарын | 3.1. Ар кандай маалыматтык | 4.1. Маалыматтарды берүүдөгү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| жана ишмердүүлүгүндөгү маалыматты алуу, сактоо жана берүү процесстерин жөнөкөй мисалдар менен түшүндүрөт<br>1.2. Маалыматты сактоо жана берүү үчүн электрондук түзүлүштөрдү айырмалайт. | жана маалымат берүүнүн формаларын сүрөттөйт.<br>2.2.Чыныгы, жалган жана белгисиз билдирүүлөрдү ажыратат.<br>2.3.Интернет деген эмне экенин түшүндүрүп, анын адамдын жашоосундагы мүмкүнчүлүктөрү жана ролуна баа берет.<br>2.4. Белгилүү бир алуучу үчүн берилген тема боюнча кыскача оозеки билдирүү түзөт | процесстерди түшүндүрөт. Интернеттеги эки же андан көп тексттерди/ билдирүүлөрдү чындык – жалгандык, жаңылык параметри боюнча салыштырат.<br>3.2. Массалык маалымат каражаттарын айырмалайт.<br>3.3.Ар кандай каражаттарды (визуалдык, аудио жана башкалар) колдонуу менен кыска билдирүү түзөт. | технологиянын өнүгүшүн түшүндүрөт.<br>4.2. Нетикеттин эрежелерине ылайык электрондук каттарды (тез мессенджерлердеги билдирүүлөрдү) түзөт жана жөнөтөт.<br>4.3. Маалыматты ар кандай форматтарда (билдирүү, сүрөт, графика, таблица ж.б.) көрсөтөт. |
| **1.2.4. Адам жашоосундагы эмгек жана технологиянын ролун баалайт, эмгекке жоопкерчиликтүү мамиле кылат**. | | | |
| 1.1. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн эмгеги, үй-бүлөдөгү өз милдеттери жөнүндө маалымат берет.<br>1.2. Жумуш ордун уюштурат, окуу милдеттерин аткарат.<br>1.3. Жылдын мезгилдери менен адамдардын эмгек түрлөрүн байланыштырат. | 2.1. Шаардагы жана айылдагы адамдардын эмгегин айырмалайт, анын өзгөчөлүктөрүн түшүндүрөт.<br>2.2. Өз чөйрөсүндө жаратылыш материалдарды жана алардан жасалган буюмдарды өз ара катыштырат.<br>2.3. Өз аймагынын өлкөнүн өнүгүшүнө кошкон салымын баалайт.<br>2.1.Шаарда жана айылда адамдардын эмгегин айырмалап, анын өзгөчөлүктөрүн түшүндүрөт.<br>2.2. Өз чөйрөсүндө табигый материалдарды жана алардан жасалган буюмдарды салыштырат. | 3.1. Бир нече кесипти негизги белгилеринин, башка багыттарынын негизинде (искусство, техника, адам-адам, адам-жаратылыш, адам-белги системасы) сүрөттөйт. | 4.1. Адам эмгегинин жаңы түрлөрүнүн пайда болушунун себептерин түшүндүрөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 2.3.Өлкөнүн өнүгүшүнө өз аймагынын салымын баалайт | | |
| **1.3.1. Организмдин түзүлүшү жана анын функциялары жөнүндөгү билимдердин негизинде ден соолукту сактоонун окуу жана практикалык милдеттерин чечет** | | | |
| 1.1.Адам тирүү жаратылыштын бир бөлүгү экендигинин белгилерин атай алат.<br>1.2.Адамдын сезүү органдарын, алардын жашоо үчүн маанисин сүрөттөйт.<br>1.3.Сергек жашоо образы түшүнүгүн түшүндүрөт.<br>1.4.Тиштин, ооз көңдөйүнүн, теринин гигиенасын сактайт жана анын маанилүүлүгүн түшүндүрөт. | 2.1. Адамдын жашоосу жана ден соолугу үчүн зарыл шарттарды түшүндүрөт<br>2.2. Эртең мененки машыгуулар үчүн физикалык көнүгүүлөрдүн жөнөкөй комплексин түзөт жана аткарат. | 3.1. Сергек жашоо жана тамак-аш коопсуздугу үчүн эрежелерди түзөт.<br>3.2. Пайдалуу жана зыяндуу адаттарды ажырата билет.<br>3.3. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн жеткиликтүү шарттарды түзүү боюнча маалыматтарды табат жана көрсөтөт.<br>3.4. Ууланууучурундагы аракеттердин алгоритмин сүрөттөйт.<br>3.5. Жугуштуу оорулардан коргонуу жолдорун сүрөттөйт<br>3.6. Суук тийгенде, жеңил жаракат алганда жардам берүү жолдорун түшүндүрөт. | 4.1. Ден-соолукту сактоо маселелерин чечүү үчүн дене тутумдарынын (кан айлануу, дем алуу, тамак сиңирүү, нерв ж.б.) функциялары жөнүндө теориялык билимдерди колдонот.<br>4.2. Жаракат, күйүк, травма, үшүк, чагуу, көзгө, кулакка же мурунга бөтөн зат киргенде, мурундан кан агуусунда. биринчи медициналык жардам көрсөтүү иш-аракеттерин түшүндүрөт жана көрсөтөт,<br>4.3. Күндүн коркунучтуу нурларынан коргонуу эрежелерин тизмелеп, түшүндүрөт. |
| **1.3.2. Өз аймагынын, өлкөсүнүн жаратылыш өзгөчөлүктөрү, аларды сактоо жөнүндө билимдерин колдонот.** | | | |
| 1.1. Өзүнүн бакчасындагы (огород, короосундагы) жаныбарларды, өсүмдүктөрдү, козу карындарды байкап, сүрөттөйт. | 2.1. Аймактын жаныбарлары жана өсүмдүктөрү жөнүндөгү билимдерин колдонот.<br>2.2. Байкоолордун жыйынтыгы боюнча өз аймагындагы жаратылыш кубулуштарынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө тыянак чыгарат. | 3.1. Кыргыз Республикасынын тоолорун жана түздүктөрүн айырмалайт жана сүрөттөйт<br>3.2. Өлкөнүн негизги суу объектилерин санап, өлкөнүн экономикасы үчүн суу ресурстарынын ролун түшүнөт<br>3.3. Кыргыз Республикасынын картасында пайдалуу кен | 4.1.Кыргызстандын кээ бир табигый (тоолор, шалбаалар, көлдөр, дарыялар, чөлдөр, токойлор) жаратылыш түркүмдөрү жөнүндө маалыматтарды табат жана көрсөтөт, аларды сактоонун шарттарын түшүндүрөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | чыккан негизги жерлерди аныктайт.<br>3.4. Өсүмдүктөрдүн басымдуу түрлөрү боюнча токойлорду айырмалайт, алардын маанисин жана сакталуу шарттарын түшүндүрөт.<br>3.5. Ар кандай булактардан таап, Кыргыз Республикасынын жаныбарлар дүйнөсүнүн объектилери жөнүндө маалыматтарды берет. | |
| **2.1.1. Курчап турган дүйнөнүн кубулуштарын жана объектилерин сүрөттөө жана талдоо үчүн табигый илимий билимдерди көрсөтөт жана колдонот** | | | |
| 1.1.Жер планетасынын сүрөтүн башка асман телолорунун элесинен айырмалайт.<br>1.2. Табигый кубулуштарды мезгилдик өзгөрүүлөр менен оз ара катыштырат.<br>1.3.Жандуу жана жансыз жаратылыштын объектилерин аныктай алат.<br>1.4.Ар кандай топтордун өсүмдүктөрүн айырмалайт.<br>1.5.Жаныбарлардын топторун айырмалайт.<br>1.6. Өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүндөгү мезгилдик өзгөрүүлөрдү түшүнөт жана түшүндүрөт. | 2.1. Жер бетинин негизги рельеф формаларын айырмалайт.<br>2.2 Аба ырайынын өзгөчөлүктөрүн аныктайт, ага байкоолордон жыйынтык чыгарат.<br>2.3. Өсүмдүктөрдүн бөлүктөрүн жана алардын маанисин сүрөттөйт.<br>2.4. Өсүмдүктөрдүн өнүгүү ырааттуулугун жана көбөйүү ыкмаларын түшүндүрөт.<br>2.5. Организмдердин тышкы түзүлүшү менен алардын жашоо шартынын ортосундагы байланышты белгилейт.<br>2.6. Тирүү организмдердин жашоосу үчүн зарыл шарттарды түшүндүрөт | 3.1. Абанын, суунун жана топурактын касиеттери, курамы жана жер бетиндеги жашоо үчүн мааниси жөнүндө билимди колдоно алат.<br>3.2. Жаратылыштагы суунун айлануу схемасын моделдейт.<br>3.3. Кургактыктагы сууларды (көл, дарыя, булактар, минералдык булактар, мөңгүлөр) айырмалайт, алардын өзгөчөлүктөрүн жана маанисин түшүндүрөт.<br>3.4. Азыктануу чынжырларынын схемаларын түзөт жана түшүндүрөт.<br>3.5. Жашоо циклинин схемасын түзөт. Анын элементтеринин маанисин түшүндүрөт.<br>3.6. Жаратылыш коомчулугундагы тирүү организмдердин өз ара байланышын түшүнөт жана түшүндүрөт. | 4.1. Күн, Күн системасы, жылдыздар жана Ай жөнүндөгү билимдерин колдонот.<br>4.2. Жердин формасы, анын өз огу жана Күндүн айланасында кыймылы жөнүндөгү билимдерин колдонот.<br>4.3. Жердин ички түзүлүшүн түшүндүрөт.<br>4.4. Жер кабыктарын (атмосфера, гидросфера, литосфера, биосфера) ажыратып, алардын маанисин түшүндүрөт.<br>4.5. Дүйнөлүк океанды түзгөн объекттерди айырмалайт жана мүнөздөйт. |
| **.2.1.Эң маанилүү илимий ачылыштарды билет жана алардын коом үчүн маанисин баалай алат** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.1. Музыкадагы, поэзиядагы, живопистеги жаратылыш кубулуштарын тааныйт.<br>1.2. Жаратылыш материалдарынан чыгармачыл буюмдарды жасай алат. | 2.1. Белгиленген максаттарга ылайык жаратылышты билүү методдорун тандайт. | 3.1. Кыргызстандагы айрым аял жана эркек окумуштуулары тууралуу маалымат берет. | 4.1. Адамдын космос мейкиндигин өздөштүрүүсү жөнүндө маалыматтарды табат жана көрсөтөт.<br>4.2. Жаратылыш тууралуу илимдерди айырмалайт жана алардын маанисин түшүндүрөт |
| 2.3.1. **Жаратылыш жөнүндө жаңы билимдерди алуу үчүн изилдөө методдорун (байкоо, өлчөө, эксперимент) колдонот** | | | |
| 1.1.Жаратылыштагы мезгилдик өзгөрүүлөргө байкоо күндөлүгүн жүргүзөт.<br>1.7.Өзүнүн бакчасындагы (багы, огороду) жаныбарларды, өсүмдүктөрдү, козу карындарды байкап, сүрөттөйт. | 2.1. Температураны өлчөө үчүн термометрди колдонот.<br>2.2. Табигый жаратылыш чөйрөсүндө тирүү жаратылыш объектилерине байкоо жүргүзөт.<br>2.3. Аба ырайынын календарын жүргүзөт жана элементардык болжолдоолорду жана корутундуларды түзөт.<br>2.4. Өсүмдүктөрдүн өсүшүнө, жаныбарлардын жашоосуна байкоо жүргүзөт (тандоо боюнча). | 3.1. Жергиликтүү чөйрөнүн белгилери аркылуу картанын, компастын жардамы менен аймакта багытты табат.<br>3.2. Абанын, суунун, топурактын айрым касиеттерин эң жөнөкөй эксперименттердин (өлчөөлөрдүн) жардамы менен аныктоону, талдоо жүргүзүүнү жана эксперименттин натыйжаларын кыскача мүнөздөгөндү билет.<br>3.3. Продуктунун коопсуздугун жана пайдасын таңгак аркылуу аныктайт. | 4.1. Картадан жана глобустан материктерди жана дүйнөнүн бөлүктөрүн атайт жана табат, материктердин өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат берет.<br>4.2. Глобалдык экологиялык көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматтарды табат жана көрсөтөт. |
| **3.1.1. Табигый чөйрөдө өзүнүн жүрүм-турумунун кесепеттерин болжолдойт, «жашыл көндүмдөрдүн» негиздерин көрсөтөт.** | | | |
| 1.1.Жаратылышка аяр мамиле жасайт. | 2.1.Жаратылыштагы жүрүү эрежелерин калыптандырат жана сактайт. | 3.1. Практикалык маселелерди чечүүдө ресурстарды үнөмдөө зарылчылыгы жөнүндө билимдерин колдонот. | 4.1. Өз аймагынын жаратылыш ресурстарын сактоо боюнча долбоордук иш-чараларга катышат. |
| **3.2.1. Жаратылыш ресурстарын сактоо жана сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-чараларда кызматташат.** | | | |
| 1.1. Адам менен жаратылыштын өз ара аракеттешүүсүнүн көйгөйлөрүн сүрөттөйт | 2.1. Өз аймагындагы айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иш-чараларга катышат. | 3.1. Өлкөнүн экологиялык көйгөйлөрүн чечүү боюнча мисалдарды келтирет.<br>3.2. Кыргызстандын Кызыл китебине кирген жаныбарлар | 4.1. Энергияны (жылуулукту, электр энергиясын) жана сууну үнөмдөө боюнча өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн иш- |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жана өсүмдүктөргө мисал келтирет | аракеттерин пландаштырат |
| **3.3.1. Жаратылыштагы байланыштарды аныктайт жана түшүндүрөт, адам менен жаратылыштын ортосундагы мамилеге жана анын кесепеттерине баа берет** | | | |
| 1.1. Жаратылыштын маанисин жана баалуулугун түшүндүрөт. | 2.1. Өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын адам жашоосундагы ролун түшүндүрөт.<br>2.2. "Климат" түшүнүгүн жана анын өзгөрүү себептерин түшүндүрөт. | 3.1. Жаратылыш ресурстарына сарамжалдуу мамиле кылуунун маанисин түшүндүрөт.<br>3.2. Айлана-чөйрөнү булгаган булактарды атайт. | 4.1. Эл аралык Кызыл китепке кирген жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн мисалдарын келтирет, алардын Кызыл китепке кирүү себептерин түшүндүрөт.<br>4.2. Планетада жашоо үчүн табигый экосистемалардын ролун түшүндүрөт.<br>4.3. Экологиялык тең салмактуулуктун жана аны сактоонун маанисин түшүндүрөт, мисалдарды келтирет. |
| **4.1.1. Өз үйүндө, аймакта, өлкөдө негизги коркунучтарды жана мүмкүн болуучу өзгөчө кырдаалдарды айырмалайт, окуу жана практикалык кырдаалдарда коопсуз жүрүм-турум эрежелерин билүүсүн көрсөтөт.** | | | |
| 1.1. Үйдөгү коркунуч булактарын кантип коопсуз башкаруу керектигин түшүндүрөт.<br>1.2. Тез жардамдын телефон номерлерин билет.<br>1.3. Көчөлөрдү жана жолдорду кесип өтүү эрежелерин, светофор менен жөнгө салынган жана жөнгө салынбаган эрежелерди атайт.<br>1.4. Мектепке чейинки коопсуз жолду сүрөттөйт. | 2.1. Өрт өчүрүү каражаттарын атайт.<br>2.2.Жол белгилеринин маанисин, токтоп турган транспорт каражаттарын айланып өтүү эрежелерин түшүндүрөт<br>2.3. Транспорттун түрлөрүн (жер, суу, аба, жүргүнчү ташуу) топторго бөлүп, транспортту коопсуз пайдалануу эрежелерин түшүндүрөт.<br>2.4. Машинанын, поезддин, учактын жүргүнчүлөрү- | 3.1. Коопсуз чөйрөнүн белгилерин түшүндүрөт жана аны класста, мектепте камсыз кылуу боюнча иш-чараларга катышат.<br>3.2. Жагдайларды талдайт жана жаратылыштагы өрт коопсуздугунун эрежелерин түшүнөт.<br>3.3.Окуу практикалык окуу кырдаалында кесилиштерден өтүүнүн өзгөчөлүктөрү боюнча билимин көрсөтөт, айыл жолдорунда айдоо | 4.1. Окуу кырдаалында өрт чыккандагы жүрүм-турум алгоритмин демонстрациялайт .<br>4.2. Велосипед, электр скутер менен көчөдө жүрүүдө жол эрежесин санай алат.<br>4.3. Темир жол өтмөктөрүнүн жанында жүрүм-турум эрежелерин түшүндүрөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | балдар үчүн нускамаларды түзөт. | эрежелерин түшүндүрөт. | |
| **4.2.1. Теңтуштары жана чоңдор менен коопсуз байланышты орнотот, медиа сабаттуулугу жана окуу кырдаалдарында маалыматтык коопсуздук эрежелерин сактайт** | | | |
| 1.1. Мектепте коопсуз жүрүм-турумдун эрежелерин санап, аларды сактайт.<br>1.2. Жеке коопсуздук эрежелерин тизмелейт. Кооптуу кырдаалдардагы аракеттердин алгоритмин билет жана көрсөтөт.<br>1.3. Компьютер (ноутбук, нетбук ж.б.) менен иштөө эрежелерин тизмелейт. | 2.1. Көчөдө сейилдөө учурундагы кооптуу жерлерге баа берет, ал жактардагы коопсуздук эрежелерин өз алдынча түзөт.<br>2.2. Интернетти коопсуз пайдалануу эрежелерин атайт жана колдонот.<br>2.4.Өзүнүн мамилесинде зомбулуктун белгилерин айырмалайт жана ишеничтүү чоңдордон (мугалимден, ата-энеден, дарыгерден ж.б.) жардам суроонун зарылдыгын түшүнөт. | 3.1. Чыр-чатактык кырдаалдарды чечүүнүн ыкмаларын сабакта окуу практикалык кырдаалда колдонот<br>3.2. Жеке маалыматты ачык маалыматтан айырмалайт, аны пайдалануунун коопсуздугуна баа берет.<br>3.3. Кибербуллингден коргонуу ыкмаларын түшүндүрөт жана колдонот. | 4.1. Эл көп чогулган жерлердеги коопсуздук эрежелерин түшүндүрөт.<br>4.2. Сабакта кырдаалдык маселелерди чечүүдө санариптик чөйрөдө (чаттар, социалдык тармактар) коопсуз баарлашууну көрсөтөт.<br>4.3. Виртуалдык баарлашууда пайда болгон көйгөйлөрү чечүүдөгү аракеттердин алгоритмин түшүндүрөт. |
| **4.3.1. Коопсуздук эрежелерине ылайык табигый өзгөчө кырдаалдарга жооп бере алат** | | | |
| 1.1.Мезгилдик жаратылыш кубулуштарындагы (күн күркүрөө, муз тоңуу, шамал, нөшөр, тоңголок) коопсуздук эрежелерин түшүндүрөт. | 2.1. Сууда жана суу объектилерине жакын жерде коопсуз жүрүм-турум, куткаруу каражаттарын колдонуу эрежелерин санайт.<br>2.2. Табигый өзгөчө кырдаалдарды (сел, суу ташкыны, жер көчкү, бороон) айырмалайт, алар пайда болгон учурда аракеттенүү эрежелерин түшүндүрөт. | 3.1. Токойдо, тоодо коопсуз жүрүм-турум эрежелерин билет жана түшүндүрөт.<br>3.2. Жаныбарлар, өсүмдүктөр, козу карындарга мамиле кылууда коопсуздук эрежелерин билет жана түшүндүрөт.<br>3.3. Табигый өзгөчө кырдаалдарды (жер титирөө, таш кулоо, кар көчкү, өрт) айырмалайт, ал учурларда керек болгон зарыл аракеттерди түшүндүрөт. | 4.1. Табигый кубулуштарды (жанар тоонун атылышы, тайфун, цунами) сүрөттөйт, алар болгон учурда зарыл болгон аракеттерди түшүндүрөт.<br>4.2. Коркунучту алдын алуу сигналдарын айырмалайт, жүрүм-турумдун тиешелүү алгоритмин түшүндүрөт жана көрсөтөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

## 3.2. ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛООНУН НЕГИЗГИ СТРАТЕГИЯЛАРЫ, ЫКМАЛАРЫ ЖАНА КРИТЕРИЙЛЕРИ

Башталгыч мектепте "Мен жана дүйнө" предмети боюнча баалоо билим берүү натыйжаларына жетишүүдөгү прогрессти өлчөөдө жана кенже окуучулардын өзүн-өзү баалоо, өзүн-өзү жөнгө салуу жана инсандык өнүгүү көндүмдөрүн калыптандыруусунда маанилүү ролду ойнойт. Мугалим жетишкендиктерди баалоонун негизги стратегияларын колдонот:

1) окуучунун баштапкы жана акыркы натыйжаларын салыштыруу, б. а. прогресстин жеке динамикасы бааланат;

2) алынган натыйжаны критерийлер менен байланыштыруу.

Материалдын мазмунун түшүнүү жана өздөштүрүү деңгээли жөнүндө маалыматтарды чогултуу үчүн баалоонун ар кандай түрлөрүн жана ыкмаларын колдонуу мугалимге окуучулардын билим берүү муктаждыктарына ылайык окутууну айырмалоого мүмкүндүк берет.

Биринчи класста жана экинчи класста жыйынтыктарга жетишүүнүн ийгилигин баалоо баалоонун сапаттык жана сыпаттоо ыкмаларын колдонуу менен, баа коюусуз жүргүзүлөт. Мугалим формативдик баалоого басым жасайт, баалоо окуу процессинин бир бөлүгү катары колдонулат жана окууну окуучунун деңгээлине жана муктаждыктарына ылайыкташтырат.

Үчүнчү класстан баштап окуучуларга баалар коюлат, бирок төртүнчү класстын аягына чейин баалоо үчүн баа дагы, баалоонун сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары дагы колдонулат (баалоо критерийлери боюнча жазуу жүзүндө жана оозеки кайтарым байланыш, баалоо рубрикаларын колдонуу менен натыйжага жетүү деңгээлин баяндоо ж.б.).

"Мен жана дүйнө" предмети боюнча натыйжаларга жетүү деңгээлин өлчөө үчүн мугалим ар кандай баалоо иштерин жана текшерүү материалдарын колдонот.

Көзөмөлдүн негизги максаты - окуу материалын билүү жана алган билимдерин жана көндүмдөрүн окуу жана практикалык кырдаалда колдонуу жөндөмүн текшерүү.

Тема боюнча окуучулардын жетишкендиктеринин деңгээлин көзөмөлдөө оозеки сурамжылоолордун, жазуу жүзүндөгү тапшырмалардын, практикалык тапшырмалардын, долбоордук жана изилдөө иштеринин натыйжалары боюнча жүргүзүлөт.

Предметтин өзгөчөлүгү билим берүүнүн натыйжаларынын чоң бөлүгү үчүн продуктуну түзүүдө билимди жана көндүмдөрдү колдонуу боюнча практикалык чыгармачыл тапшырмалар колдонулат, б. а. долбоорлоо жана изилдөө иштери (презентациялар, байкоо күндөлүктөрү, өсүмдүктөрдү өстүрүү, генеологиялык даракты калыптандыруу ж. б.)

7-таблица**. "Мен жана дүйнө" предмети боюнча натыйжаларына баа берүү үчүн баалоо иштеринин түрлөрү**

| № | Баа берүү иштеринин сунушталган түрлөрү | Баанын салмагын болжолдуу бөлүштүрүү[1] |
|---|---|---|
| 1. | Оозеки жооптор, сабак учурунда презентациялар | 35% |
| 2. | Жазуу жүзүндөгү тапшырмалар (тесттер, текшерүү иштер ж. б.) | 20% |
| 3. | Долбоордук, изилдөө ишмердиги | 45% |
| | | 100% |

Чыгармачыл иштерди жана долбоордук ишмердүүлүктү баалоо үчүн мугалим балдар менен бирге баалоо критерийлерин иштеп чыгат, анда долбоорду аткаруунун максатын жана

[1] Жыйынтыктоочу баада баанын салмагын бөлүштүрүү

милдеттерин түшүнүү, долбоордун аткарылышы, чыгармачылыктын жана демилгенин көрүнүшү, продуктунун аткарылышы, долбоордук ишти коргоонун сапаты эске алынат.

Критерийлердин негизинде мугалимдер иштин аткаруу деңгээлин (дискрипторлорду) кеңири сүрөттөгөн рубрикаларды иштеп чыгышат.

## 4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР

### 4.1. Предметти окутуу методикасына негизги талаптар

Мугалим предметтин өзгөчөлүктөрүнө, билим берүү натыйжаларынын өзгөчөлүктөрүнө, окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана муктаждыктарына жараша окутуу методдорун жана формаларын колдонот.

"Мен жана дүйнө" предметинин өзгөчөлүктөрү жана билим берүүнүн натыйжалары окутуунун методикасына төмөнкү талаптарды белгилейт:

1. Окуучулардын таанып-билүү муктаждыктарын ишке ашырууну камсыз кылуучу окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу:

- окуучулардын таанып-билүүчүлүк кызыгуусун ойготуу, аларда шыктандыруучу мамилелерди, жаратылышка жана коомго карата баалуулук багыттарын калыптандыруу жана өзүн курчап турган дүйнөнүн ажырагыс бөлүгү катары сезүү үчүн издөө жана ачылыш атмосферасын түзүү;
- окуучунун ролун: пассивдүү, ой жүгүртүүчү окуучудан, өз иш-аракеттерин баалай билген, өз алдынча, көз карандысыз, сынчыл ой жүгүртүүчү инсанга өзгөрткөн окутуунун активдүү жана интерактивдүү методдорун колдонуу:
- өз алдынча билим алуу, керектүү маалыматтарды чогултуу, гипотеза жасоо, тыянак чыгаруу жана жыйынтык чыгаруу (байкоо, жалпылоо, тематикалык сейилдөө, экскурсиялар, элементардык изилдөө, эксперименттер, долбоорлор ж. б.) жөндөмүн калыптандыруучу ыкмаларды жана методдорду колдонуу;
- балдардын жаратылыштагы активдүү иш-аракеттерин жаратылышты коргоо иш-аракеттери менен айкалышта уюштуруу;
- окуучуларды өзүн-өзү тарбиялоого, өзүн-өзү өнүктүрүүгө, өзүн-өзү баалоого активдүү тартуу;
- аймакты таануу материалдарын колдонуу;
- окуучу үчүн өтө маанилүү жана социалдык тажрыйбада чагылдырыла турган кырдаалды түзүү;
- жаңы дидактикалык материалдарды куруу, стандарттуу эмес тапшырмаларды издөө, чындыкка жакын стандарттуу эмес кырдаалды түзүү,
- окуу сабактарынын ар кандай формаларын жана түрлөрүн алмаштырып туруу (сабак, сабак-оюн, экскурсия, лабораториялык иш, майрамдар жб.у.с.); шаар / айыл чөйрөсүндө жаратылышты Тааныштыруу максатында мектептин короосуна жана шаардык / айылдык сейил багына ар кандай экскурсиялар; табигый шарттарда жаратылышты изилдөө максатында шаардан тышкары экскурсиялар (ата-энелер катышкан); маданий жана тарыхый мурастарды билүү максатында китепканаларга, музейлерге, театрларга баруу; коруктарга жана ботаникалык бактарга баруу.
- сабак өткөрүү үчүн окуу мейкиндигинин ар кандай түрлөрү (класстык бөлмө, лаборатория, сейил бак, токой, көчө, спорт аянтчасы, музей ж. б.)
- натыйжалуу окуу куралдарын колдонуу.

2. Окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен окуучулардын мугалим менен, бири-бири менен, айланадагы адамдар менен өз ара аракеттенүүсүнүн ар кандай формаларын колдонуу;
— жекече жана топтук иштөө формаларын айкалыштыруу
— сабак учурунда жана сабактан тышкаркы ишмердүүлүктө турмуштук кырдаалды моделдөө жана талдоо, жемиштүү баарлашуу кырдаалын түзүү;
— өз ара окутуу ыкмаларын колдонуу;
— сүйлөшүү, сезимдерди, тажрыйбаларды алмашуу, өз оюн эмоционалдык жана мазмундуу билдирүү жөндөмү өнүктүргөн кырдаалдарды жараткан дидактикалык оюндарды өткөрүү-;
— Окуучулар активдүү уюштуруучулардын, жаратуучулардын, катышуучулардын укуктарын алган өнөктөштүк мамилелерин куруу. ;
— сабак жана сабактан тышкаркы ишмердүүлүктөргө ар бир окуучунун катышуусу,
— жамааттык чыгармачыл иштерди уюштуруу.
3. Окуучуларда дүйнөнүн илимий картинасын калыптандыруу үчүн класстан тышкаркы жана сабактан тышкаркы иш мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу.
4. Экологиялык жана коопсуз жашоо компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн долбоордук ишмердүүлүктүн технологиясы олуттуу потенциалга ээ, ал коюлган окуу милдеттерин чечүүнүн илимий (таанып билүү) аспектиси менен катар ар дайым эмоционалдык-баалуулук (инсандык) жана чыгармачылык аспектилерин камтыйт.

"Мен жана дүйнө" предметин окутуунун инсанга багытталган мүнөзү мугалимден бардык окуучулардын жалпы натыйжаларынан мугалим көзөмөлдөп турушу керек болгон бир окуучунун субъективдүү натыйжаларына өтүүнү талап кылат.

Мугалимдин ролу өзгөрөт, ал багыт берүүчү функцияны аткарышы керек.

Окутуунун маанилүү натыйжалары билимдин өзү эмес, башталгыч класстардын окуучуларынын жаңы билимдерди алуу, алган билимдерин практикада колдонуу, өз билимин-билимсиздигин баалоо, өзүн-өзү өнүктүрүүгө умтулуу жөндөмү болуп калат.

Окутуу учурунда ар бир окуучуга окуу китебин гана эмес, башка маалымат булактарын жана заманбап маалымат каражаттарын колдонуусуна түрткү берүү керек.

Курчап турган дүйнө сабактарында кенже окуучуларда дүйнөнүн илимий картинасын түзүүнүн калыптанышында маанилүү орунду түшүнүү жана себеп-натыйжа байланыштары ээлейт. Кенже окуучулар себеп-натыйжа мамилелерин жана көз карандылыктарын жөн гана жаттап албастан, аларды түшүнүп, курчап турган дүйнөнүн объектилери менен кубулуштарынын ортосундагы ички байланышты түшүнүшү керек. Демек, мектеп окуучуларын себепти натыйжадан табууга үйрөтүү керек; кандайдыр бир кубулуштун натыйжасын алдын ала билүү; жаратылыштагы себептик байланыштардын татаалдыгын көрсөтүү керек.

Мугалим окутуу процессин ар бир класста "Мен жана дүйнө" предметинин программасына ылайык кенже окуучулардын психологиялык-физиологиялык өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле алардын гендердик өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жүзөгө ашырышы керек, бул балдар менен кыздардын гендердик психологиялык жана таанып-билүү өзгөчөлүктөрүн алардын курчап турган дүйнө жөнүндө билимин өздөштүрүүсүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн пайдаланууга мүмкүндүк берет.

Билим берүүнүн натыйжаларынын компетенттүүлүгүнүн мүнөзү кызматташуу, сынчыл ой жүгүртүү, коммуникация жана өз алдынчалуулук көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган, "Мен жана дүйнө" предмети боюнча башталгыч билим берүү үчүн артыкчылыктуу педагогикалык технологиялар жана методикалар - оюн технологиялары, өнүктүрүүчү, көйгөйлүү, дифференцияланган окутуу, изилдөө жана долбоордук ишмердүүлүк технологиялары болуп саналат.

### 4.2. Ресурстук камсыздоого карата минималдуу талаптар

"Мен жана дүйнө" предметин ресурстук камсыздоого карата минималдуу талаптар китеп басып чыгаруу продуктуларынын (китепкана фонду), демонстрациялык басма жана электрондук окуу куралдарынын, маалыматтык-коммуникациялык каражаттардын, окутуунун техникалык каражаттарынын, экран-үн окуу куралдарынын, окуу-практикалык жана окуу-лабораториялык жабдуулардын тизмесин камтыйт.

**8-таблица: Ресурстук камсыздоого карата минималдуу талаптар**

| № | Түрү | Ресурстар |
|---|---|---|
| 1 | ОМК (электрондук жана басма) | БИМдин бекиткен тизмесине ылайык |
| 2. | Кошумча окуу-методикалык жана башка материалдар | - справочниктер<br>- балдар энциклопедиялары |
| 3 | Маалыматтык-коммуникациялык ресурстар | - телесабак (“Мекен таануу” предмети боюнча)<br>- электрондук окутуу платформалары<br>- электрондук окуу куралдары жана тренажерлор<br>- тема боюнча көңүл ачуучу тапшырмалар<br>- интерактивдүү көрсөтмө куралдар<br>- мүмкүнчүлүгү чектелген, өзгөчө билимге муктаж балдар үчүн жеткиликтүү ресурстар |
| 4 | МКТ каражаттары | - компьютер<br>- принтер<br>-мультимедиалык проектор (интерактивдик такта, панель ж.б.) |
| 5 | Окуу-методикалык адабияттар | Мугалим үчүн методикалык адабият<br>Окуучулар үчүн жаңы муундагы ОМК |
| 6 | Окуу-практикалык жана лабораториялык жабдуулар | Негизги темалар боюнча плакаттар<br>Кыргыз Республикасынын карталары (физикалык жана саясий)<br>Дүйнө картасы (саясий)<br>Иллюстрациялар (фото, сүрөт, репродукциялар)<br>Компас<br>Глобус<br>Тажрыйба жүргүзүү үчүн приборлор<br>Муляждар<br>Минералдык жана пайдалуу кендердин үлгүлөрүнүн жыйнагы |

### 4.3. Шыктандыруучу жана коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү

Башталгыч мектепте билим берүү чөйрөсү окуучулардын руханий-адептик, социалдык, интеллектуалдык, маданий жана физикалык өнүгүүсүнө жетишүү милдеттерине ылайык уюштурулат.

Администрация жана мугалим "Мен жана дүйнө" предмети боюнча окуу процессин уюштурууда мектептин билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук стандартын жетекчиликке алат.

"Мен жана дүйнө" предметин окутууда мектептеги билим берүү чөйрөсү билим берүү процессинин катышуучуларынын физикалык, экологиялык, психологиялык жана

маалыматтык коопсуздугуна жана ыңгайлуулугуна карата талаптардын негизинде уюштурулат.

Окуучулардын психологиялык коопсуздугу жагымдуу жана шыктандыруучу чөйрөнү түзүү менен камсыз кылынат.

"Мен жана дүйнө" предметинде шыктандыруучу академиялык чөйрө ыңгайлуу мейкиндикти уюштуруу, эмоционалдык жана педагогикалык колдоо аркылуу түзүлөт.

**Классты уюштуруу** төмөнкүлөрдү камтыйт:

- ар бир баланы окуу процессине тартуу мейкиндигин уюштуруу,
- предметти үйрөнүү үчүн шарттарды түзүү,
- ишмердиктин бир түрүнөн экинчисине өтүү,
- убакытты натыйжалуу пайдалануу,
- ыкмалардын жана материалдардын ар түрдүүлүгү,
- окуучулардын кызыгуусун колдоо,
- окуучулардын жүрүм-турумун башкаруу,
- окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу.

**Эмоционалдык колдоо** психологиялык-ыңгайлуу окуу климатын түзүү төмөнкүлөр аркылуу камсыз кылынат:

- позитивдүү баарлашуу жана билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын сый мамилеси,
- окуучулардын ой-пикирлерине көңүл буруу (ийкемдүүлүк жана окуучуга көңүл буруу, өзүн көрсөтүүсүнө шарт түзүү),
- мугалимдин сезимталдыгын көрсөтүүсү (түшүнүү, окуучунун көйгөйлөрүн чечүү, окуучулардын иш-аракеттерине жана ой-пикирлерине тез жооп берүү).

**Педагогикалык колдоо** төмөнкүлөр аркылуу жүргүзүлөт:

- туруктуу байланыш (монологдор жана диалогдор),
- сапаттуу кайтарым байланыш (кайтарым байланыш процессинин ырааттуулугу, ой жүгүртүү процесстерин илгерилетүү, окуучуларды шыктандыруу жана колдоо),
- окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнү камсыз кылуу (окуу процессине катышуу, чыгармачылык үчүн шарттарды түзүү, талдоо жана аргумент көндүмдөрүн өнүктүрүү, реалдуу дүйнө менен өз ара байланыш ж.б.).

Коопсуз психологиялык билим берүү чөйрөсү билим берүү процессинин бардык субъекттерине (мугалимдерге, окуучуларга, ата-энелерге) муктаждыктарды канааттандыруу жана бул муктаждыктарды турмуштук баалуулуктарга өзгөртүү менен байланышкан мүмкүнчүлүктөрдүн тутумун камсыз кылат, бул жеке өзүн-өзү өнүктүрүү процессин актуалдаштырат жана басмырлоонун жана зомбулуктун бардык түрлөрүн жокко чыгарат.

"Мен жана дүйнө" предметин окутууда окуучулардын маалыматтык коопсуздугу окуучулардын маалымат мейкиндигинде болуу эрежелерин билүүсү менен байланыштуу.

Физикалык жана экологиялык коопсуздук сабак учурунда санитардык-эпидемиологиялык ченемдерди жана коопсуздук техникасын сактоо менен камсыз кылынат.

"Мен жана дүйнө" предмети боюнча сабактарда жана сабактан тышкаркы ишмердүүлүктө окутуунун электрондук каражаттарын (интерактивдүү такталарды, компьютерлерди, проекторлорду) колдонууда окуучуларды коопсуздук техникасы менен тааныштыруу камсыз кылынат, ал боюнча инструктаж окуу жылы башталгандан кийинки биринчи жумада жыл сайын өткөрүлөт.

Сабак-экскурсияларды, жеринде багыт алуу менен байланышкан сабактарды жана окуучулардын класстан тышкары сабактардын башка түрлөрүн өткөрүүдө окуучулардын коопсуздугу жол кыймылынын эрежелерин (ЖКЭ) жана мектептен тышкаркы жүрүм-турум талаптарын сактоо менен камсыз кылынат.

Тажрыйба сабактарын өткөрүүдө окуучулардын коопсуздугу камсыз кылынат:

- тажрыйба жүргүзүүгө байланыштуу ар бир сабактын алдында кайталанып туруучу окуучулар үчүн жеткиликтүү жерде (стендде же электрондук түрдө) коопсуздук эрежелеринин болушу;

- мугалимдин тажрыйбанын туура аткарылышын көрсөтүүсү;

- окуучулар үчүн коопсуз реактивдерди жана заттарды колдонуу.

"Мен жана дүйнө" предмети боюнча сабактарды өткөрүүдө окуу кабинетинде жасалма жана табигый жарык берүү, көмүр кычкыл газынын жол берилген деңгээли, ченемдик санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык температуралык режим камсыз кылынат.

Кабинет фитонциддик активдүүлүгү жогору, уулуу заттарды жана көмүр кычкыл газын сиңирүү жөндөмү бар өсүмдүктөр менен жашылдандырылышы керек.

## АДАБИЯТТАР


1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы – Бишкек, 2003-жылдын 30-апрели № 92
2. Кыргыз Республикасынын "Эркектер менен аялдардын бирдей укуктарынын жана бирдей мүмкүнчүлүктөрүнүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө" Мыйзамы. - №184, 4.08.2008.
3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги//Окуучулардын руханий-адеп-ахлак өнүгүүсү жана дене тарбия Концепциясы. – Бишкек, 2021.
4. Окуучулардын билим берүү жетишкендиктерин улуттук баалоо (NOODU) 2017//Билим берүүнү жана окутуу усулдарын баалоо борборунун (ЦООМО) отчету. – Б.: 2018-204-ж.
5. Жалпы билим берүү уюмдарында окутуунун шарттарына жана уюштуруусуна карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар.
6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 295 "Жалпы билим берүү уюмдарындагы билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун редакцияларына ылайык 2020-жылдын 17-январындагы №12, 2021-жылдын 5-мартындагы № 72), 107-пункт.
7. Башталгыч мектепте табият таануу сабаттуулугу: калыптандыруу жана баалоо үчүн шарттарды түзүү. / «Кенже окуучулардын табият таануу сабаттуулугунун негиздерин калыптандыруу» аймактык илимий-практикалык конференциянын материалдар жыйнагы. 21-апрель, 2021-жыл, Краснодар / ред. редактор: Т.И. Жилина, Ю.Ю. Стэн, Краснодар: ИРО, 2021. 132-б.
8. Кенже мектеп окуучуларында экологиялык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу © 2012 О.А. Литвинова, Е.Е.Морозова, Н.Г. Чернышевский атындагы Саратов мамлекеттик университети, Саратов (Россия)
9. Туруктуу өнүгүүнүн кызыкчылыктары үчүн жалпы экологиялык билим берүүнүн концепциясы А.Н. Захлебный, Е.Н. Дзятковская, В.А. Грачев
10. «Жашоо коопсуздугунун негиздери» программасы, түзгөн. М. Субанова, М.Т. Иманкулова, В.В. Савочкина жана башкалар, 2013г.
11. Коопсуздук сабактары: окуу-методикалык колдонмо, 2-басылышы, толукталган / жооптуу редактор: В.А. Коротенко - Б., 2021. – 501 б.
12. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 16-сентябрындагы No 1096/1 буйругу менен бекитилген “Окуу китептерине, окуу-методикалык комплекстерине, окуу-усулдук колдонмолоруна дискриминацияга каршы жана гендердик экспертиза жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобо” .
13. Инклюзивдик билим берүүнүн концептуализациясы жана аны ЮНИСЕФ Миссиясынын алкагында контекстке келтирүү, ЮНИСЕФ 2014
14. Pianta R., LaParo K., Hamre B. Classroom Assessment Scoring System PreK manual. Baltimore, MD: Brookes, 2008